10 Б.Жунусалиев: «Эмнеге суусасам, ошону сундум»




9 Анэль: «Айтып бүткүс кыялдарыма акырындап жетүүдөмүн»



Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

9-июль, 2015-жыл
№8 (08)
saresep.kg




Кол алдыңдагыны туура башкарам десең «Кут билимди» оку

3-бетте



Экономика ири бизнестин жетегинде өнүгүшү керек

7-бетте



Сойкулукка баруунун себептери

11-бетте

# Президент Алмазбек Атамбаев биометрикалык каттоодон өттү

Президентибиз Алмазбек Атамбаев баш болгон бир топ аткаминерлер биометрикалык маалыматтарын тапшыра элек экени 7-июлда маалым болгон. Себеби бул күндөн баштап **shailoo.srs.kg** интернет сайтында биометрикалык маалымат тапшырган адамдардын кайсыл жерде добуш берээри белгилүү болгон.

2-бетте



## Атамбаев жана андан кийинки лидер

4-бетте





## Нандын баасы дагы арзандайт

Кыргыз Республикасы Евразия экономикалык биргилигине толук мүчө болуп киргенде азык-түлүккө болгон баа төмөндөйт. Алардын баасын антимонополиялык комитет катуу көзөмөлгө алышы керек. Бул тууралуу адис Жумакадыр Акенеев "Кабар" агенттигине маалымдады.

"Кыргызстан ЕАЭБге толук мүчө болуп кирген соң биринчи кезекте нанга болгон баа арзандайт. Себеби, биримдикке кирген Казакстан, Россия, Беларусь сыяктуу өлкөлөрдөн кирген азык-түлүктөргө кошумча салык төлөнбөй калат. Бүгүнкү күндө азык-түлүктүн арзандашы абдан жакшы көрүнүштөрдүн бири",-деп айтты Ж.Акенеев.

"Мисалы, Казакстандан буудай импорттоп алсак, Белоруссиядан кумшекерди арзан баада алып калабыз. Ал эми Кытайдан келип жаткан товар, азык-түлүктөргө болгон алым 9-10 пайызга чейин жогорулашы мүмкүн. Бул түшкөн алым түздөн-түз өлкөбүздүн бюджетине түшөт. Азыр алардан алым алынбай, товарларын жөн киргизип жатышат", дейт Акенеев.

"Биздин ишкерлер Казакстандан буудайды арзан баада импорттоп алып, аны иштеп чыгарып Афганистан же дагы башка өлкөлөргө сатса болот",- деп кошумчалады адис.



## Нарында майып аялдар ачкачылыкка чыкты

6-июлда Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын алдында жети аял ачкачылык жарыялашты. Акция кечки саат беште башталды. Алар өздөрүн майып адамдардын укугун коргогон уюмдун мүчөлөрү деп тааныштырган жана 2-3-топто майып экендиктерин, "Үмүт кутман", "Өмүр шамы", "Күн чырагы", "Насип-кайып" уюмдарында иштешээрин билдиришкен.

Наарызылыкка чыккандар "Кадам" реабилитациялык борборунун жетекчиси Шарапат Актанова "майыптарга деп өкмөттөн жана эл аралык уюмдар тарабынан бөлүнгөн акчаны сол чөнтөккө салганын" айтышкан. Ошондой эле 3-июль күнү майыптардын фестивалынын алкагында өткөн марафондун уюштуруучусу Улук Букардинов топтогон 90 миң сомдун отчетун бербей жатканын билдиришкен. Аларды облус жетекчисинин орун басары Чынара Абдраимакунова калкалап жатканын билдиришип, анын иштен кетишин талап кылышууда.

Ал эми Чынара Абдраимакунова алар менен жолугушуп, маселени карап чыгууга убада берген. Акция катышуучулары талаптары аткарылмайынча облустук администрациянын алдынан эч жакка кетпей турганын билдиришкен.



# Президент Алмазбек Атамбаев биометрикалык каттоодон өттү

7-июлда, КРнын Президенти Алмазбек Атамбаев биометрикалык каттоодон өттү. Бул тууралуу Президенттин Аппаратынын маалыматтык саясат бөлүмү билдирди.

Мамлекет башчысы Кыргызстандын жарандарын эсепке алууга жана каттоого жаңы технологияларды киргизүү мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишмердүүлүгүндөгү ачык-айкындуулукту жогорулатууга, социалдык жеңилдиктерди жана компилдиктерди бөлүштүрүүдө системалуу коррупцияны жоюуга, ошондой эле калыстык принциптерин, анын ичинде шайлоолорду өткөрүү процессинде калыстыкты сактоого өбөлгө болууга тийиш деп эсептейт.

## Ө.Текебаев: «Атамбаев менен Мырзакматов – парламентаризмдин маанилүү элементтери»



"Ата-Мекен" партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев 7-июлда фракциясынын 5 жылдык жыйынтыгы тууралуу берген пресс-конференцияда "Улуттар Биримдиги" партиясынын лидери, Оштун экс-мэри Мелис Мырзакматов менен эмне себептен келишимге келгени жөнүндө баяндады.

"Ата-Мекендин" лидери «Улуттар Биримдиги» менен болгон кызматташуусу көп партиялуулук принцибин сактоо максатында болгонун айтты. Ал: "Биздин партиянын милдети – реалдуу көз карандысыз саясатчыларды колдоо. "Улуттар Биримдигин" эч ким бийликчил партия дей албайт. Биздин эки партиянын негизги өзгөчөлүгү – көз карандысыздыгы. Азыр эки партиянын биригүү маселеси турат. Шайлоого чогуу кетебизби, ал жакынкы мезгилде чечилет", - деп баса белгиледи.

"Улуттар Биримдиги" менен биригүү дегендик Президент менен тирешүү дегендик эмес. Тескерисинче, биз ага керектүү жардамды көргөзүүгө даярбыз. Атамбаев менен Мырзакматов – Борбор Азияда туруктуу парламенттик системасын түзүү боюнча чоң долбоорунун маанилүү элементтери", - деп сөзүн жыйынтыктады Текебаев.

## Генералдык штаб жатак-мектептин балдарын эс алууга жөнөттү



Куралдуу Күчтөрдүн Генералдык штабы менен Коргоо министрлиги туруктуу көзөмөлгө алган, кулагы укпаган балдардын республикалык жалпы билим берүүчү жатак-мектебине көп орундуу автобус берди.

Автобус 45 мектеп мугалимдери менен окуучуларды Бостери айылындагы «Орбита» пансионатында жайкы эс алууга жеткирүү үчүн бөлүнгөн. Мектеп мугалимдери менен тарбиялануучуларын жайкы жана кышкы эс алуучу жерлерге жеткирүү аскер мекемеси үчүн жакшы салтка айланып бара жатат.

Куралдуу Күчтөрдүн Генералдык штабы менен Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги бул социалдык мекемеге 2011-жылдан бери туруктуу жардам берип келе жатат. Аскер ведомствосунун кошуундары, бөлүктөрү жана мекемелери жатак-мектептин жашоосуна активдүү катышып келет.

Мектептин жаңы окуу жылынын ачылыш аземи, спорттук мелдештер, балдардын жаңы жылдык кечелери, ар кандай кароо-сынактар сыяктуу салтанаттуу иш-чараларына аскер кызматчылары сөзсүз катышат. Аскерлер да иш-чараларга кур кол келишпейт. Барлар үчүн түрдүү белек, таттуулар жана иш-чараларга катышуучуларды ташуу үчүн автоунаалар берилип турат.

# Кол алдыңдагыны туура башкарам десең «Кут билимди» оку



Учугу үзүлбөй келген улуу элдин келечегине кам көрүп, азыркы жашообуздагы "Куттуу билимди" жыл сайын оңдоп жаза алышпаса да, аны Өкүмдарга туура жеткирип "Хас хажибди" алуучу Жусуптар азыр чыкпай жатса да, жакшы тилек менен келечекте чыгаар! – деп 1000 жылдык маарекени өз деңгээлинде өткөрсөк болгону

ЭРЛАН ЖЫРГАЛБЕК УУЛУ

Залкар ойчул, окумуштуу, акын, философ Жусуп Баласагындын 1000 жылдык маарекеси 2015-2016-жылдары эл аралык деңгээлде белгиленет. Бул боюнча быйыл 12-майда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев "Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгы жөнүндө" жарлыгына кол койду. Президенттин жарлыгында бул даанышман бабабыз чыгыш мусулмандык кайра жаралуу доорунун залкар ойчулу, мамлекеттик башкаруунун теориясына жана тажрыйбасына, түрк дүйнөсүнүн руханий асыл-нарктарын жана маданиятын өнүктүрүүгө зор салым кошкон Карахандар каганатынын көрүнүктүү мамлекеттик ишмери – жалпы түрк элдеринин орток бабасы экени баса белгиленет. Президенттин жарлыгына ылайык, Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгы 2015-2016-жылдары улуттук жана эл аралык жогорку деңгээлде белгиленмекчи.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүн жана элдин ынтымагын бекемдөө, кыргызстандыктардын жаңы муунун мекенчилдикке, билимдүүлүккө жана адеп-ахлакка тарбиялоо үчүн ойчулдун идеяларын жайылтуу максатында коомчулукта, биринчи кезекте жалпы билим берүү уюмдарында, жогорку окуу жайларында жана маданий мекемелерде, улуттук жана эл аралык долбоорлордун, анын ичинде жарандык коом демилгечилеринин колдоосу менен кеңири маалыматтык жана агартуу иштери өткөрүлөт. Андан сырткары, Баласагындын "Куттуу билим" эмгегинин кол жазмаларын тактоо жана аны кайрадан жайылтуу, илимий жактан карап, азыркы кыргыз тилине которуу иштери колго алынат.


### Бабабыздын ысымы күн сайын колубузда

Мамлекетибиздеги эң чоң деп эсептелинген жана алгачкы, жогорку окуу жайлардын бири болгон Кыргыз Улуттук Университетине билим булагынын көзүн ачып бизге калтырган бабабыз Жусуп Баласагындын ысымы ыйгарылган. Улуттук валютаны өркүндөтүүнүн үчүнчү баскычы 1997-жылдан тартып башталган. 1, 5, 10, 20, 50, 100 сом наркындагы, мурда чыгарылган банкноттордо салыштырганда өркүндөтүлгөн коргоо элементтерин камтыган банкноттор акырындык менен жүгүртүлө баштаган. Ал эми 2000-жылы жогорку номиналдагы 200, 500, 1000 сом наркындагы банкноттор жүгүртүүгө чыгарылган. 2000-жылдын 28-августунда эң жогорку номинал болгон узуну 165мм, туурасы 78мм, өңү бозомтук келген 1000 сомдук нарктын алдыңкы бетине да даанышмандын сүрөтү берилген.

### Хан баш ийген акылман

Эмне үчүн Жусуп Баласагынды "билги" дейбиз? Фарсча "дааныш" ("дониш") сөзүнүн жүгүн көтөргөн бул эски кыргыз сөзү аркылуу Жусуп Баласагындын энциклопедиячыл кеңири маалыматка ээ илимпоз экени, анын мамлекетти туура башкаруу жолдорун өкүмдарларга үйрөткөн өз доорунун кан Бакайы болгону баса белгиленет. Түркиялык аалым, татар тектүү Рахмети Арат сыяктуу залкар түркологдор Жусуп Баласагындын азыркы Кыргызстандын Токмок шаарынын түштүк-батыш ыптасындагы Бурана шаар чалдыбарынын ордунда жайгашкан даңазалуу Баласагын шаарында 1015-16-жылдар аралыгында туулганын белгилешкен. Бабабыз Баласагындын киндик каны тамган жер – Баласагын шаары – Карахандар каганатынын түндүктөгү борбору болгон. Аны "Күз ордо" – "Тескейдеги ордо шаар" деп да атап коюшкан. Канчанчы жылы дүйнөдөн өткөнү белгисиз.

Жусуп Баласагын 54 жашында 1069-1070-жылдардын биринде 18 айдын ичинде байыркы карахандык орток түрк тилинде философиялык-насаатчыл "Кутадгу билиг" – "Куттуу билим" (башкача мааниси – "Кут кылчу билик") чыгармасын жазган. Поэма кара сөз менен жазылган чакан кириш сөздөн жана шарттуу түрдө глава деп атоого боло турган 72 бөлүмдөн, 13444 сап ырдан турат.



Поэманын автору чыгармасын Кашкардын ханы Богра-хан деген титулу бар караханиддерден болгон Арстан хандын небереси Али- Хасандын уулу Тобгач Караханга тартуу кылат. Анын белегине ыраазы болгон хан акынга ордо кызматкерлеринин өзгөчө сыйлуу мансаптарынын бири болгон хас-хажиб наамын берет. Бул жөнүндө поэманын кириш сөзүндө "Бул китепти жазган Баласагындык такыба, сыпаа киши. Ал китебин Кашкарда бүтүрүп, чыгыштын өкүмдары Табгач хандын ордосуна тартуу кылды. Өкүмдар ага зор урмат-сый көрсөтүп, хас-хажиб наамын берип, анын зоболосун көтөрдү. Богра ханга кайрылып, аны сабырга, чогуу "туура жол издеп" калыс болууга үндөйт да, бул жарык дүйнөнүн "дөөлөтү" калпыс бийликке тирек бола албастыгын айтып, болочокко толгонтот. Жусуп Баласагын өмүрдүн куштай тездигин, бир орунда турбас жаштыкты, өкүмү күч карылыкты илимий көз караштан талдоого алат да, акындын эркине, ыйман-чындыгын жашырбас айкөлдүгүнө таң калтырып коёт.

### Баласагынды билбегендерге

Өнүккөн доордун ойчулу, дүйнөлүк руханий маданияттын ири өкүлдөрүнүн бири болгон, акындын атагы көп Чыгыш өлкөлөрүндө – Кытайда, Иранда жана "Түрктөрдүн жергесинде" кеңири белгилүү болгон. "Кут алчу билимдин" оозеки тараганын кийинчерээк табылган эстеликтер да ырастады. Демек, кол жазмасы белгисиз калып, ошонун айынан унутулган чыгармалары да болсо керек.

Азыркы тапта көптөгөн түрк өлкөлөрүндө бул чыгаан билгини тек гана Жусуп Хас Хажиб деп аташып, негедир анын туулган шаарына байланыштуу (Баласагын, ал-Баласагуни) көңүлдөн чыгарып келишет. Кыргызстандыктар болсо дайыма Жусуп Баласагындын мурасы жалаң гана кыргыз элине эмес, жалпы түрк калктарына орток деп баса белгилеп келишет.

Теңир тоолук түрктөрдүн көчмөн эли негиздеген Карахандар каганаты X-XII кылымдардагы руханий, маданий, экономикалык жана саясий өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен эң ири мамлекет болгон. Азыркы кыргызстандык тарыхчылар жана саясатчылар белгилешкендей, Улуу Кыргыз дөөлөтү доору (IX-X кылымдар) менен катар эле Карахандар доору да бүгүнкү кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый пайдубалын чыңдоого зор салым кошкон.

Карахандар каганаты – жалпы "мусулман ренессансы" деп австриялык окумуштуу Адам Мец таамай жана көркөмдөп атаган доордогу илим-билим өнүккөн ири мусулмандык аймактын түндүк-чыгыш бучкагын түзгөн. Демек, Жусуп Баласагын жана анын кичүү замандашы Махмуд Кашгари Барскани Кыргызстандын аймагында энциклопедиячыл ойчулдар катары калыптангандыгы кокустук көрүнүш эмес болгон.

### Кут билим - так илимдердин булагы

Жусуп Баласагын өз эмгегинде Евклиддин (Оклидис) илимий мурасын, алгебраны, тамыр чыгарууну ж.б. үйрөнүүгө чакырат. Махмуд Кашгари Барсканинин чыгармасында тилчи Исхак Фарабинин, математик жана географ Абу Райхан Берунинин, араб-мусулман картографтарынын идеяларын жана маалыматын өздөштүргөнү байкалат. Кыргыздар жана башка түрк элдери Жусуп Баласагын жазган "Кут билимди" өздөрүнүн жазма адабиятынын алгачкы түрк-мусулмандык бермети деп эсептешет. Эмне үчүн мында "мусулмандык" сөзү кошулуп жатат? Анткени ислам дооруна чейин эле чыгыш түрк калктарынын (анын ичинде кыргыздардын) адабий мурасынын руна сымал жазмада жана башка жазмаларда калтырылган берметтери бар болчу. "Кут билим" – Карахандар мамлекетиндеги калайыктын турмуш-тиричилиги жана социалдык түзүлүшү жөнүндөгү өзгөчө бай маалымат булагы.

Бул чыгармада мамлекетти башкаруунун теориясы жана тажрыйбасы да мыкты чагылдырылган. Жусуп Баласагындын бул энциклопедиялык трактаты мамлекетти адилет башкаруу тууралуу жобону камтыйт жана Жусуп Баласагын коомдогу башкаруучу катмарды акындык ыкма менен илим-билимге чакырат, аткаминерлерди зулумдук, паракордук, сүткорлук, адилетсиздик сыяктуу жосунсуз жоруктардан алыс болууга үндөйт.

# Атамбаев жана андан кийинки лидер

**Учурда биз кыйынчылыгы менен кызыктырган заманда жашап атабыз. Эл тагдыры татаал жолго кирген учурларда жүрөгү таза, акылы тунук жол башчынын ролу өтө маанилүү болгон жана боло да берет. Ошондуктан азыркы дүйнөдө лидерликтин руханий аспектилери өтө актуалдуу. Буга зор маани бериш керек**





ИНДИРА РАИМБЕРДИЕВА

### Лидердин тарыхтагы орду

Заманыбызда болуп жаткан орчундуу өзгөрүүлөрдүн учурунда жашап кетүү күчтүү импульсун жандандыруу үчүн коомчулук өз аң-сезимин кезектеги чоң секирикке даярдашы керек. Дүйнө таанымдын кардиналдуу мажбурлуу трансформациясы, адамдардын жашоо таризи жана өзүн-өзү тереңден таанып билүүсү, өзүн өткөөл заманда улут катары сактап калууну жана коомдун өнүгүүсүн жүздөгөн жылдар алдыга сүрөөнү талап кылат. Мындай учурлар адамзаттын тарыхында жана жеке улуттардын тарыхында да кайталанып келген.

Канында лидерлик ойногон биздикине окшогон элдерде мындай суроо өзгөчө мааниге ээ болуп, элди башкаруу руханий негиздердерге таянган. "Мурунку жоокерлер" болбойт, "өзүн унуткан жоокерлер" деген бар. Алар кайсы бир учурда өздөрүн унутканда, башкалар дагы аларды унуткара башташат. Ошондой эле руху толугу менен уктап калган жоокер болбойт. Рухтун ойгонушу – жалпы жандануунун негизи болот. Демек улуу жоокер-жолбашчылардын – өз элинин таза көкүрөктүү уул-кыздары десек жаңылбайбыз.

### Атамбаевден кийин келген лидер кандай болот?

Коомчулук учурдагы "лидер" түшүнүгүн өзгөртүшү керек. Бул жерде дагы эле мурда айтылган аң-сезимди трансформациялоо маселеси турат. Учурда Кыргызстандын саясий айдыңында лидерликти төмөнкүдөй элестетишет: Бири бийликке келе калып, мурунку бийлик ээсин жазалаш керек. Ач-жылаңачтарды тоюндуруп, жетилип калган бир-эки реформаны ишке ашырып, жардыларды байыта салып, "эми эмне кылыш керек?" деп ойлоно баштайт. Бул биздин өлкөдө лидерлик тууралуу жалпы жана жөнөкөй түшүнүк. Ошону менен бирге, лидерди Батыштагыдай, саясий технологиялардын жана инвестициялардын абсолюттук өндүрүмү деп эсептегендер да бар. Сапаттуу менеджмент мыйзамы менен жана жеке жетишкендиги менен коомду түздөндүргөн, сөөк-чучугуна чейин жетекчи болгон түштүк-чыгыш лидеринин бейнеси дагы бар. Мисалы, Сингапурдун тажрыйбасын азыр жүрөгүнө кыстарып, оозунан түшүрбөй айтып жүргөндөр арбын.

Бүгүнкү күндө чыныгы лидер – ой жүгүртүүсү, жүрүм-туруму жана жеке жашоосу менен элин ойготуп, анын өзүн-өзү таанып-билүүсүн, адеп-ахлакты, чындыкты кабыл алуунун жаңы деңгээлине алып чыга алган адам болуш керек. Мисалга алсак, Махатма Ганди. Ал келбеттүү адам, илгир менеджер, каардуу заалымдыгы үчүн эмес, руханий билими жана сапаты жогору болгондугу үчүн жолбашчы болгон. Лидерлик – Кудайды жана адам турмушунун маңызын түшүнүү, жупуну жашоого каниет кылуу менен бирге руханий практикага чыккынчылык кылууга мүмкүн болбогон так, даана моралдык-адептик принциптерге ээ болуу дегендик. Буга кошумча саясий маселелерде лидерге жогорку интеллект, иш тажрыйбада болсо уникалдуулук талап кылынат. Ганди сыяктуу лидерлердин уникалдуулугу эмнеде? Заманындагы адамдардын жалпы массасынан анын аң-сезими бир топ жогорку деңгээлде болгон. Мындай эл башчылар башка категориялар менен ой жүгүртүшөн. Бир карасаң кудай жогортон жиберген сыяктуудай сезилген. Алардын көрөгөчтүгү бийик көтөрүлгөн шумкардыкындай болот. Мындай лидерлер эң биринчи кезекте коомдук аң-сезимге реформа кылышат. Ал эми жогорулаган коомдук аң-сезим башка тармактардын баарынын өнүгүүсүнө түрткү берет.

Иш билги реформатор болгон күч-аракетин элдин күндөлүк турмушунун өзгөрүшүнө эмес, коомдук аң-сезимди өзгөртүүгө жумшайт. Ганди элинин аң-сезимин колонисттер жер менен жексен кылып тебелеп салганда тизесинен тургузуп тикелеген. Ал муну өзүнүн руханий технологиялары жана рухунун бийиктиги аркылуу жасаган.

Эл кийинки лидердин татыктуу жакшы адам жана иш билги жол башчы болот деп жакшы ниет кылып божомолдош керек. Ал эми болочок эл башчысынын кандай боло тургандыгы тууралуу ой жүгүртүп көрсө болот. Кыргызстанга профессионалдуулугу руханий билимге, өз напсисин тыя билгендикке, тартиптүүлүккө негизделген саясатчылардын тобу керек. Мындай лидерди Кудай багыттайт. Анын мыкты интуициясы жана өзүн-өзү арамдыктан тосуусу күчтүү болот. Эгер адам адеп-ахлактуу жашаш керек экендигине терең ишенсе, кесиптик турмушунда да адал-арам чектерин ажыратып турган сызыктан чыгып кетпейт. Бул замандын талабы. Адамдар саясатты ыплас иш деп, өздөрүнүн жеке адеп-ахлаксыздыгын актаганга аракет кылышат. Чындыгын айтканда, таза эмес адамдар өздөрүнүн кир иштерин саясат деп атап алышкан. Мындай аңтарылган түшүнүктөрдүн ээлери саясий аренадан аларды пайдалангандар менен чогуу кетиши керек. Кыргызстан саясат жөнүндөгү мындай ыплас уламышты күм-жам кылган дүйнөдөгү биринчи өлкө болуп калышы да ыктымал.

> Кыргызстанга профессионалдуулугу руханий билимге, өз напсисин тыя билгендикке, тартиптүүлүккө негизделген саясатчылардын тобу керек.

### Атамбаевдин лидер катары миссиясы эмнеде?

Мага Атамбаев биринчиден, өлкөдөгү караңгылык каптап калган саясий мейкиндикти тазалап, "жогорку тартиптин курулуш" аянтчасын даярдоо сыяктуу кайталангыс милдет, вазипа менен келген сыяктанат. Балким анын масштабдары тууралуу биз азыр жоромолдой да албайбыз. Бизде Сулайман падышанын учурундагы библиялык окуялар кайталанып жаткандай туюлат. Байыркы убактарда эле адамдардын аң-сезимине караңгылык акырындап кире баштаса, ушул тапта караңгылык дүйнөбүздү толугу менен ээлеп алуу аракетине кирди. Караңгылык деп чечим чыгаруу тармагына ар кандай жол менен өтүп кетишкен жемкорлордон баштап, өтүшкөн психикалык оорусу бар, андан да жаманы кутурган сыяктуу адамдар чечим чыгаруу макамдарына ээ болуп, көптөгөн адамдардын тагдырларына түздөн-түз таасир берген спектрдик кубулуштарды айтса болот. Атамбаев тагдыр тарабынан коом кулайын деп калган жардын тереңдигин сезип, толук болбосо да, коомдун аң-сезимин оңдоп кетүүгө чакырылган. Экинчиден, кыргыздын салттарынын алкагында башкаруучу институтуна болгон сый-урматты калыбына келтирүү үчүн келген. Эгерде Атамбаевдин саясий карьерасында жеке репутациясы элдин эсинде жакшы кабылданып калса, ал эки төңкөрүштү башынан өткөрүп урандылардын арасында калган улуттук лидердин образын кайра түптөмөк.

Кыргыздар өзүн башкарууга касиеттүү башчыларга гана жол беришкен. Кыргыздардын көсөм жол башчылары өзгөчө адеп-ахлак, адамкерчилик сапаттарына ээ болушкан. Алар залкар манасчылар менен достук мамиледе, руханий байланышта болгон. Хан тирүү материя сыяктуу элдин турмушу менен чыйралышкан. Эл башкаруучуну кылган иши, эл алдындагы жоопкерчилиги, ошондой эле элдин жүгүн жонуна көтөрүп жүргөнүн баалашкан.

Үчүнчүдөн, Атамбаевдин дагы бир миссиясы – иш тажрыйбасы жана өрнөгү менен өлкө лидеринин руханий тарапка көңүл бургандыгынын баса белгилегенинде. Президенттин ислам канондору боюнча такай ибадат кылып тургандыгы, ата-бабанын салттарын карманып жүргөнү белгилүү. Чынында бул анын жеке руханий системасы. Буга чейин лидерлердин бирөө дагы өзүнүн энергомаалыматтык тарабына маани берген эмес. Лидерде руханий көрөңгөлөрдүн барлыгы жана анын сырткы чөйрөгө белгилүү деңгээлде билинүүсү Кыргызстандын саясий мейкиндигинде чоң секирик болду. Ошонусу менен Атамбаев акыл-эс менен эле чектелбестен, руханий да баалуулуктарды ташыган лидерге айланды.

Бийликке келем деген ар бир адам бийликти алуу салыштырмалуу оңой болгону менен элдин жүгүн жүктөнүү оор экендигин, бул жоопкерчиликти так аткарып, өзүнөн кийинки татыктуу мураскорго өткөрүп берүү жөнөкөй иш эмес экенин түшүнүүсү керек. Азыркы президентибиз өзүнөн кийин татыктуу лидер келиши үчүн арамдан тазаланган коомдук мейкиндикти негиздеп, элдин өзүнүн тарыхындагы соолбос тамырлары менен өтмүштүн улуу лидерлерин таанып билүүсүн камсыздашы керек.

*Материал АКИ-пресстин "Аналитика" тармагындагы саясат таануучу, "Кыргыз Өзөгү" фондунун жетекчиси Индира Раимбердиева менен В.Жаманкулованын маегинен кыскартылып даярдалды.*

# Н.Молдобаев: **«ЖК 5 жылда Кумтөр маселесин чече албай койдук»**



Темир Сариев премьер-министрликке келгенден бери жалаң макроэкономика тармагында иш алып барып жатат. Мамлекеттин казынасы толсо, анда өкмөттүн астында коюлган маселелердин бир тобу аткарылып калат. Ал эми Кумтөр маселесин Сариев өтө жакшы билет. Бирок эмнегедир бул маселеде кетенчиктеп жатат

ГҮЛНАЗ МАМЫТОВА

*КРнын премьер-министри Темир Сариев өкмөт башчылыкка киришкен 60 күн аралыгындагы аткарылган иштери тууралуу маалымат берди. Мында Өкмөт башчы Жогорку Кеңеште каралган Суу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча өз пикирин билдирип жатып, бул багытта атайын эксперттик-илимий топ түзүлөөрүн кабарлады. Эксперттик топ Кумтөрдөгү Давыдов, Лысый мөңгүлөрүн изилдеп анын корутундусу Жогорку Кеңешке сунушталмакчы. Өкмөт башчынын айтымында, учурдагы өкмөттүн алдында бир катар маанилүү милдеттер турат. Ал милдеттерди тартип жана талапты күчөтүү менен гана чечүүгө мүмкүн. Ошондой эле өкмөт башчы Жогорку Нарын ГЭСи, Камбар-Ата-1 ГЭСин куруу боюнча долбоорлор алкагында иш жүрүп жатканын кошумчалады. Камбар-Ата-2 ГЭСинин экинчи агрегатын ишке киргизүү Евразия өнүктүрүү банкынын каржылоосу менен жакында ишке кирмекчи. Премьер-министрдин 60 күн аралыгындагы аткарылган иштери тууралуу ЖКнын депутаты Нарынбек Молдобаев менен маек курдук.*

**– Премьер-министр Темир Сариев 60 күндө аткарган иштери тууралуу маалымат берди. Сиздин баамыңызда премьерлик кызматка келип жатканда берген убадаларынын канчасын ишке ашырды?**

– Темир Сариев 60 күндүн ичинде жакшы эле иштерди аткарды. Сариев бул кызматка келгенден бери жалаң макроэкономика тармагында иш алып барып жатат. Ар бир ишембиде фискалдык кызматтын жетекчилери менен жолугуп, ар бир райондун көрсөткүчтөрү боюнча иш алып барууда. Мамлекеттин казынасы эптеп толсо, анда өкмөттүн астында коюлган маселелердин бир тобу аткарылып калат.

**– Парламент эс алууга тараганга чейин шашылыш аткара турган долбоорлор бар болчу. Мисалы Кумтөр, ЕАЭБге кошулуу сыяктуу. Буларды өкмөт канчалык деңгээлде аткара алды?**

– ЕАЭБге кошулуу боюнча өкмөттүн токтомдорунун баарын ЖК кабыл алып берди. 1-июлда чек аралар ачылат деген. Бүгүнкү күндө Казакстандын Межилиси муну беките элек. Калган өлкөлөрдүн парламентинде документтер ратификация болду. Ал эми Суу кодексине өзгөртүү киргизүү күзгө калды. Өкмөт башчы айтып жатат, күзүндө Кумтөр боюнча бир–эки вариантты алып келебиз деп. Кумтөр маселесин Сариевдей эч ким билбейт деп ойлойм. Анткени бул маселе Жантөрө Сатыбалдиевдин учурунда 50–50 пайыздык болуп чечилген. "Чайналып" берилген меселени кийинки келген өкмөт "жутуп" коюуга жарай албады. Центерра көптөгөн дооматтарды коёт, ал эми биздикилер алардын жетеленмесинде болуп жатат. Центерранын кеңсеси Кыргызстанга келмейинче эч бир маселе чечилбейт.

**– Өкмөт буга чейин 6-июлда Кумтөр ишин токтотот деп эскертти эле. Бирок токтобой эле кайра ишин улантып жатат. Айрымдары муну өкмөт сунуштаган суу кодекси кыйыр түрүндө ишке киргендигин айтып жатышат. Сиз бул пикирге кошуласызбы?**

– Мөңгүнү көчүрүш үчүн аны кесип алып башка жакка жылдырыш керек. Муну акылга сыйдыра алабайм. Ошондуктан Центерранын жетеленмесинде боло бербестен, алтын бизде тургандыктан, аларды биздин шартка көндүрүү керек. Кумтөр токтобойт, өз ишин уланта берет. Анткени алтын аларга де керек.

**– 6-июлда Кумтөр ишин токтотот деген-ди коркутуу деп айтып жатасыз. Ошондо өкмөттүн эскертүүсү жөн гана суу кодексине өзгөртүү киргизүү аракети деп айтсак болобу? Же башка бир мандем бар беле?**

– Суу кодексине өзгөртүү киргизүүгө аракет болду. Бул мыйзамда эки гана мөңгүнү жылдырып коюу эмес, жалпы мөңгүлөр боюнча мыйзам кабыл алынат. Муну менен биз эртеңки күнду, экологиялык зыяндарын ойлонушубуз керек. Ошондуктан компромиске барыш кажет. Ошондой эле мөңгүлөрдү жакшылап изилдеш керек. Бул тууралуу Сариев өтө жакшы билет. Бирок эмне үчүн кетенчиктеп жатканын түшүнбөй жатам. Биз ЖКда 5 жыл отуруп, бир Кумтөр маселесин чече албай койдук. Кумтөрдүн айынан өкмөттөр кызматтан кетти. Бул Кумтөр маселесинде биз күчсүз болуп, жетеленип жатабыз же мунун артында чоң бир иштер бар.

# С.Эратов: **«Чек арада ок чыгарууга олуттуу мамиле болуш керек»**

Чек ара коопсуздугу, коргонуу жана бекемдөө иш чаралары тууралуу КРнын Мамлекеттик чек ара кызматынын Чек ара кайтаруу башкы башкармалыгынын башчысы, полковник Эратов Саитжан Саматович кеңири маек курду

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

**– Бүгүнкү күндө чек ара коопсуздугу канчалык деңгээлде корголгон?**

– Дүйнөдө болуп жаткан ИГИЛ жана Афганистанда болуп жаткан коркунучтар, Кыргызстанга дагы кесепетин тийгизет. Ошондуктан, мамлекеттик чек ара кызматынан



көйгөйлүү багыттарда жумуштарды алып барып жатабыз. Керектүү санында блок посттор, убактылуу чек ара посттору коюлду. Колдон келишинче жумуштарды аткардык, бардык багыттар бүгүнкү күндө жабык. Кыргыз–тажик, кыргыз–өзбек чек араларында 52 мунара коюлду, 40 кмден ашык аңдар казылып, зым тосмолор тосулду. Жалпысынан чек арадагы кырдаал чек арачылардын көзөмөлүндө.

**– Коопту чек ара аймакка кайсыл аймактар кирет?**

– Кыргызстан төрт мамлекет менен чектешет. Кытай Эл Республикасы менен делимитация, деморкация процесси бүткөн, Казакстан менен эки өлкөнүн келишпестиктери жок. Ал эми кыргыз–өзбек, кыргыз–тажик чек араларында чечилбеген бир топ көйгөйлөр бар. Бул маселелерди чечүү үчүн, өкмөттүк деңгээлдеги эки өлкөнүн комиссиясы чечкиндүү кадамдарга барып иш баштабаса чек арада чыр–чатактар кайталана берет.

**– Чек араны коргоого жана кайтарууга тиешелүү шарттар түзүлгөнбү?**

– Эл көрүп турат, биз колдон келген аракеттерди жасап жатабыз. Мамлекеттин капчыгы кандай болсо, чек ара дагы, чек ара аскерлери дагы ошондой болот. Тиешелүү шарттар жетишсиз, бирок ага карабастан, чек арабызды татыктуу кайтарганга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Мен башкы башкармалыктын жетекчиси катары айтып кетээр элем, мындан дагы 3–4 эсе жакшыртсак, заманбап техникаларды алып келип ошолордун күчү менен күнү–түнү көздүн карегиндей кылып сактасак жакшы болмок. Бул иштерди аткаруу үчүн чек ара кызматынын жетекчисинин атайын стратегиялык пландары бар. Буюрса биздин чек аралар дагы Европа, Орусия, Казакстан, Белорусия өлкөлөрүндөй жакшы бир деңгээлге жетет деген үмүтүбүз бар.

**– Чек ара чыр-чатактарында аскерлер бейкүнөө жарандарды атып салган учурлар көп кездешет. Деги эле чек арада кандай учурда ок чыгарууга уруксат берилет?**

– Коопту кырдаал түзүлүп, чек ара кызматкеринин жашоосуна коркунуч келтирилген убактарда, мамлекеттик, улуттук коопсуздукка одоно түрдө зыян келтирилсе гана ок чыгарууга уруксат берилет. Аялдарга, жаш балдарга, аксакалдарга, эл ташыган автобустарга карата курал колдонгонго акыбыз жок. Тилекке каршы өзбек чек ара кызматкерлери акыркы кездерде эле бир топ жолу куралдарды колдонуп коюшту. Беш жолу курал колдонсо, бешөө тең мыйзамсыз болгон деп чечим чыгарганбыз. Өзүбүзчө сүйлөшүүлөр болуп атат, чек ара кызматынын жетекчисинин деңгээлинде бул маселелер дагы чечилет деген ишенимдебиз.

**– Кыргыз чек арачылары курал колдонгон учурда аларга кандай мамиле болот?**

– Чек ара аскери куралды туура колдондубу же жокпу деген маселени аскердик прокуратура текшерет. Эгерде куралды керектүү жерде туура колдонгон болсо сыйлыктар берилет. Туура эмес колдонгон болсо, тартип жазасын колдонобуз. Былтыр чек арада Баткен жана Лейлек райондорунда кагылышуу катталган. Үч кагылышууда тең чек арачылардын курал колдонгону туура болгон. Ошондуктан, чек ара кызматынын, өкмөттүн атынан жана 18 чек арачы Президент тарабынан мамлекеттик сыйлыктарга ээ болушту. Бул чек арачыларга карата берилген баа. Эгерде чек ара мыйзамына баш ийбей ээнбаштык иштер боло турган болсо алардын мизин кайтарууга биздин аскерлер даяр.

**– Өзбекстан чек ара мыйзамына толуктоолорду киргизип, чек арадан себепсиз өтүп келе жаткан жарандарды дагы атып салууга уруксат берип койду. Бул биз үчүн канчалык коопту?**

– Кыргыз Республикасынын Чек ара мыйзамында даана көрсөтүлгөн. Эгерде ошондой коопту маселелер биздин жарандарга карата жаралып калса, биздин чек арачылар курал колдонот. Мыйзам жол берет.

# Бөтөлкөдөгү жаш өмүрлөр

Кыргызстанда алкоголдук ичимдикти колдонуу өспүрүмдөр арасында жыл сайын азайбоодо. Иликтенген маалыматтар боюнча учурда өлкөдө 3 миллионго жакын 14 жаштан жогорку өспүрүмдөрдүн 85 пайызы ичимдик ичсе, 20 пайызы жаш курагына карабастан аракечтик оорусу менен ооругандар



ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Бир топ өспүрүмдөр арасында ичимдик колдонуу азыркы тапта көнүмүш адатка айланган. Туулган күн тосуу, майрамдарды белгилөө, бүтүрүү кечелери, алкоголь ичимдиктерисиз өтпөгөн маарекелер. Бойго жете электер ичимдиктин кайырмагына сыра ичүү менен илине башташат.

Өтүмдүүлүгү боюнча нандан кийинки орунду ээлеген спирт ичимдиктерине ууланып, бейтапканаларга түшкөн адамдардын саны жыл сайын кемибей барат. 14 жаштан жогорку өспүрүмдөрдүн аракечтикке берилгендиги баарынан өкүнүчтүү. Тез жардам дарыгери Нурбек мырза тез жардамга көбүнчө жаштар бүтүрүү кечелеринен соң түшөрүн айтат. “Тез жардамга кайрылган жаштар ашыкча ичимдик ичип алып, кан басымы көтөрүлүп же болбосо ууланып келишет. Айрыкча майрамдардан соң чалуулар көп болот. Текшерүүдөн өткөндөн кийин алардын көбү алкоголго туруштук бере албоочу ички органдарынын кеселдери менен оорушкандыгы аныкталат. Алсак боор, жүрөк оорулары, жогорку кан басым”, – дейт тез жардам дарыгери.

Учурда өлкөдө 18 жашка чейинки өспүрүмдөргө алкоголь ичимдиктерин сатуу мыйзам чегинде тыюу салынган. Ага ылайык сатуучу кардарынын жаш курагынан шек санаса, өздүгүн тастыктаган документин талап кылуусу абзел. Эгер сатуучу өспүрүмгө жогорудагы мыйзамды эске албастан алкоголь ичимдигин сатса, 1000 сом айып пул төлөйт. Бирок укук коргоо кызматкерлери бардык дүкөндөрдү тескей албагандыктан, сатуучулар пайда табуу максатында жаш кардарларга спирт ичимдиктерин сатып келишет.

“Бул кичи павильонумда эң эле өтүмдүү товарларым – нан азыктары жана спирт ичимдиктери. Өспүрүмдөргө алкоголь ичимдиктерин сатпоо керек экенин билем. Бирок ар бир адам эле документин жанында алып жүрө бербейт. Анын үстүнө азыр 16 – 17 жаштагы балдар чоң кишилердей эле көрүнүшөт. Ошол себептүү 18 жашка толгону күмөн санатпаган жаштардын баарына эле сата берем”, – дейт сатуучу Фатима айым.

Алкоголь ичимдиктерин колдонгон өспүрүмдөрдүн санынын өсүшүнө спирт жана энергетикалык ичимдиктердин жарнамаларынын көбөйүшү да себеп боло алат. “Жарнама берүү” мыйзамынын 16-беренесине ылайык алкоголь ичимдиктерин жарнамалаганда анын зыяны жана бойго жете электерге колдонууга тыюу салынышы тууралуу текст кошо берилүүсү абзел. Бирок бул эскертүү текстин кыргыз гезиталарынан, телеканалдардагы роликтерден чанда гана кездештирүүгө болот. Спирт ичимдиктери жөнөкөй суусундук катары көп жарнамаланат.

“Досумдун туулган күнүндө ашыкча арак ичип уулангандан кийин ичимдикти таштагам” деген Бегулан азыр 17 жашта. “Буга чейин дос балдар болуп чогула калып көп эле ичип жүрдүк. Ата-энебиз биздин бул жоругубузду көп билишпечү. Кечинде үйгө кеч келип, акырын жатып алар элек. Бир күнү дос балам туулган күн өткөрүп, ошол жерден шампан менен аракты аралаштырып ичип алгам. Жүрөгүм айланганынан эшикке чыкканымды билем, калганы эсимде жок, турсам бейтапканада жатыптырмын. Ата-энем ошол учурда гана менин ичип жүргөнүмдү билген”, – дейт Бегулан өз сөзүндө.

Өспүрүмдөрдүн спирт ичимдиктерин эрте колдонуп баштоосуна ата-эне институту чоң себепкер болот. Убагында жеткиликтүү көңүл бурулбай, ээн-эркин болгон өспүрүм каалаганын жасайт. Психологдор ата-энесинин алкоголь ичкенин көрүп чоңойгон өспүрүмдөрдүн 60 пайызы да алкоголь ичет деп айтышат. Мындай үй-бүлөдө чоңойгон балдардын дүйнө таанымы, өздөрүнүн теңтуштарынан башкача болот. Ошондой эле дарыгерлердин айтымында алкоголду колдонуу тукум кууйт. Эгер ата-энеси ичимдик ичкен адамдар болсо, балага бул ген кан аркылуу өтөт.

“Шариятта адамды мас кылуучу заттардын баарына тыюу салынган. Спирт ичимдиктерин колдонуу арам болуп саналат” деген Нурсейит молдо төмөнкүлөргө токтоло кетти: “Ислам дини арак сатууну да, ичүүнү да арам кылган. Арак бар жерде дайым ызы-чуу болуп, ынтымак качат. Арактын кесепетинен канчалаган адам өмүрү кыйылып, үй-бүлөлөр ажырашууда. Азыркы тапта өспүрүм балдардын бир тобу спирт ичимдигин колдонушат. Досторумдан ажырап калбоо үчүн ичем дегендери да жок эмес. Бирок достору тиги дүйнөнүн тозогунан сени куткара албай тургандыгын билишпейт. Кудайдан күнүмдүк жыргалчылыкты бийик коюшат. Жаштарыбызды ичимдик сымал азгырыктардан диний түшүндүрмөлөр, ыйман алыстата алат. Бул жерден ата-эне тарбиясын да унутпашыбыз керек”.

Башка өлкөлөрдө да ичимдик маселеси өтө актуалдуу көйгөй жаратып келет. Спирт ичимдигин колдонуу боюнча биринчи орунду Люксембург ээлесе, андан кийинки орунда Россия менен Украина турат. 188 мамлекеттин арасынан Кыргызстан 107 орунда. Дарыгерлердин айтымында, аба ырайы суугараак келген ичимдик колдонгон көп өлкөлөрдүн калкындай болуп, кыргыздардын канында алкоголго туруштук берүүчү ферменттер жок. Ошол себептен кыргыздар ичимдикке бат көнүп, алкоголизм оорусуна көп чалдыгышат.

Аталган көйгөйгө ата-эне институту, мамлекет органдары олуттуу бир деңгээлде чара көрүшпөсө, мамлекетибиздин келечеги болгон жаш өспүрүмдөрүбүздүн эртеңки тагдыры коркунуч алдында турат.

## Статистика

Иликтенген маалыматтар боюнча 2012-жылы 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр тарабынан жасалган 1206 кылмыш иши катталса, 2013-жылы 1314 кылмыш жасалган. Кылмыштулукка барган убакта өспүрүмдөрдүн 30 пайызы мас абалында болушкан. Ички иштер министрлиги тарабынан берилген маалыматтарга караганда 2013-жылга салыштырмалуу 2014–жылы мас абалда жасалган кылмыштуулук 21 пайызга өскөн. Бүгүнкү күндө медициналык мекемелерде 17 жаштан 25 жашка чейинки 5998 адам жаш курагына карабастан алкоголизм менен ооруп, каттоодо турат.

# Экономика ири бизнестин жетегинде өнүгүшү керек

Гренобль университетинин магистри Нурадил Раимбеков кичи жана орто бизнестин (КОБ) Кыргызстандагы кызыктай орду тууралуу, ошондой эле өнүккөн мамлекеттерде ири бизнес эмне себептен кичи жана орто бизнеске муктаж экени жөнүндө сөз кылган



Ишкерликтин өнүгүүсү дүйнөдө экономикалык өсүүнүн ажырагыс фактору болуп саналат. Кичи жана орто бизнестер инновациялык технологияларды өнүктүрүү, жумушчу орундарды камсыздоо, экономикадагы коньюнктуралык термелүүлөрдү ирettөө сыяктуу маанилүү кызматтарды аткарат деп эсептелинет. Кыргызстандын экономикасында кичи жана орто ишкерлер маанилүү роль ойнойт. Бирок алар экономисттер талап кылган нерселерден таптакыр башка кызматтарды аткаруусу көйгөй жаратып келет.

Оюнтсе да, кичи жана орто бизнестин үлүшүнө Кыргызстандын ички дүң өндүрүмүнүн 40 пайызы туура келет. Бул сегментте расмий маалыматтар боюнча калктын 20 пайызы иштесе, өнүккөн өлкөлөрдө бул көрсөткүч 80 пайызга жетиши мүмкүн. Тейлөө тармагындагы жалпы – кичи жана орто бизнес каражатты аз сарптаган, өзүн-өзү тез актаган, экономиканын башка тармактарына салыштырмалуу азыраак технологиялуу экендигин да белгилеп коюу керек. Кичи жана орто бизнес ички дүң өндүрүмдө өндүрүш секторуна караганда көбүрөөк (48%га каршы 16%) үлүшкө ээ. Бирок тейлөө секторунда салыктын жүктөмү өндүрүш секторундагы 12,7% га салыштырганда 21,8 % азыраак жүктөмгө ээ болуп артта калууда.

Салык төлөө жана тейлөө секторунда расмий иштеген калктын 39 пайыз эле болгону чоң көмүскө экономиканын бар экенин ачык көрсөтүп турат. Юридикалык тараптарды тейлегенден көрө эң акырында калган керектөөчүлөрдү тейлөөдө салык төлөөдөн качып кетиш оңой экени баарыбызга маалым. Ошондуктан, кичи жана орто бизнес B2B секторуна өтмөйүн, Кыргызстанда көмүскө экономиканын маселесин чечкенге мүмкүн эмес. B2B бул бизнес бизнес үчүн деген маанини билдирип, кичи жана орто бизнес чоң бизнести тейлеп, аны менен кызматташууда болот.

Кыргызстанда чоң бизнестин алкагы 90-жылдардын башынан бери өтө тез азайып келген. Ал эми түзүлгөндөрү болсо, чийки зат өндүрүү секторунда иштеп келе жатышат. Ошону менен кичи жана орто бизнес инновациялык өндүрүмдөрдү чыгарган негизги буюртмачыны жоготуп алды. Өнүккөн өлкөлөрдө чоң бизнес деп аталган, машина куруу, электроника, программалык камсыздоо жана өндүрүштүк процесстин көпчүлүк бөлүгүн кичи жана орто бизнеске аутсорсингге берген башка секторлор болушат. Мисалы, Тойота концернинин өндүрүштүк линиясынын 70 пайызы кичи жана орто компанияларга аутсорсингге берилет. Мындай ири технологиялык өндүрүүчүнүн кичи жана орто бизнес (КОБ) менен биргелешкен иш схемасында КОБ инновациялык процессте активдүү жана маанилүү орунду ээлеп калат. Бизде болсо учурубузда кичи жана орто бизнести инновациялык процессти өнүктүрүү менен алектенбейт деп күнөөлөгөнгө болбойт. Эгемендик жылдары көпкө созулган экономикалык жана саясий кризистердин басымында жана финансы-экономикалык катаал шарттарда өлкөбүз дүйнөлүк уюмдардан стуктуралык реформалар үчүн кредиттер менен гранттарды алышы ички дүң өндүрүмдөгү (ИДӨ) ири өндүрүштүк мекемелердин үлүшүнүн кыскарышына алып келди. Көптөгөн ири өндүрүштүк объектилерди мамлекеттен ажыратып, бөлүп-жаруу натыйжада аларды атаандаштыкка ылайыксыз кылып, банкрот кылды.

Ошол учурда эл аралык эксперттер бир добуштан “Экономика ири бизнессиз эле ачык экономиканын эсебинен жана Дүйнөлүк соода уюмуна (ДСУ) мүчө болуу эсебинен эле өнүгө берет” деп далилдеп чыгышкан. Иш жүзүндө чексиз дүйнөлүк рыноктун ачылышы көптөн күткөн экспорттук өндүрүштүн катализатору боло алган жок. Өлкөнүн ИДӨсүнүн структурасы өзгөрүп, капитал агрардык-өндүрүштүк сектордон тейлөө секторуна өтүп кетти. Сүйүнчүлөнгөн перспективалар катаал географиялык чындыкка туш болду. Кыргызстандын деңизге чыга турган жолу жок, кургактагы транспорттук коридорлордон алыс болуп калды. КРдин экономикасы үчүн татаал болгон бул убак ДСУнун алкагында жана анын чегинен сырткары да башка өлкөлөр менен эл аралык экономикалык кызматташтыктын кайнап турган учуруна дал келип калды. Ата мекендик экономиканын дүйнөлүк державалардан, ал гана эмес ДСУга мүчө эмес жакынкы кошуналардан дагы көптөгөн жылдарга артта калып калганына таң калбай эле коюңуз.

Албетте, объективдүү себептерге шылтоо кылса болот. Деңизге чыга турган жол жок деп, начар өнүккөн экономикага моюн сунуп отуруп калса болот. Бирок чындыгында кризистин себептери тереңге кеткен. Бул жерде иш экономиканын түзүлүшүндө болуп жатпайбы. Мамлекет акыркы жылдарда кичи жана орто бизнести өнүктүрүүгө жагымдуу шарт түзгөнгө багытталган саясат жүргүзүп келе жатат. Ушундан улам каттоонун мөөнөттөрү азайып, салыктардын саны 15тен 8ге чейин кыскарды. Ал эми 2015-жылдын 1-июлунан тартып салыктардын мезгилдик төлөмү ай сайын эмес, квартал сайын төлөнө турган болуп калды. Бирок кичи жана орто бизнестин субъектилеринин санынын өсүшү экономиканын сапаттуу өсүшүнө жана инновациялык технологиялардын өнүгүүсүнө түрткү бере алган жок. Андан сырткары негизги бөлүгүн КОБдун өкүлдөрү ээлеген (2001-жылы 204 566 КОБ субъектилери катталса, 2013-жылы алардын саны 725 167ге чыккан) көмүскө экономиканын өсүшү байкалат.

Бул маселелерди чечиш үчүн өкмөт экономикалык саясаттагы приоритеттерин алмаштырып, ири бизнес үчүн кызыктыра турган шарттарды түзүшү керек. Дем берүүчү салык механизмдерин түзүү аркылуу КОБду ири бизнестин категориясына өткөрүп, ири чет өлкөлүк инвесторлорду мамлекеттик жеке өнөктөштүк аркылуу тартышы керек.

# Түндөсү сатылган Токтогул ГЭСинин суулары

Бишкекте өткөн маалымат жыйынында эксперт Расул Умбеталиев суу сатылып жатканын, күн өткөн сайын сарпталган суунун көлөмү улам артып баратканын далилдөөчү күбөлөр бар экендигин айтып чыкты. Анын айтуусу боюнча мындай боло берсе биз коңшу өлкөлөрдөн электр энергиясын сатып алууну уланта беребиз




Эксперт Расул Умбеталиев

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Бишкекте өткөн маалымат жыйынында **эксперт Расул Умбеталиев:** “Менде Токтогул суу сактагычы боюнча көптөгөн иш кагаздар бар. Жашоочулар менен бирге Токтогул суу сактагычына канча суу кирип жана чыкканы боюнча видеотасмаларды тарткынбыз. Ал эми жергиликтүү жашоочулардын жеке бизнесмендердин, дыйкандардын айтымында, түн ичинде саат 12ден кийин таңкы саат 6га чейин суулар сатылат. Бул иш боюнча менде 1000ге жакын күбөлөрүм бар. Кыргызстандагы бардык ГЭСтер энергетикалык тартипте гана иштеши керек. Ал эми азыркы учурда ирригациялык тартипте иштөөдө. Нарын дарыясы жыл сайын 15 миллиард куб суу берет. Алардын ичинен Ноокен жана Аксы райондорунун дыйкандары 0,1% сууну гана колдонушат. Токтогул ГЭСинде атайын видеокамералар орнотулган. Бирок түндө ал камерадан эч нерсе көрүнбөйт. Ал эми суулар кантип сатылып жатат? Атайын “донный” деген суу ыргытуучудан кетирилип жатат. “Электр станциясы” Ачык акционердик коому күн сайын 5 миллионго азайтса, бир айда 150 миллион куб сууну жокко чыгарып атат. Суу Үч-Коргон ГЭСинин оң жагынан Кыргызстанга кетет. Ал эми сол тарабынан Өзбекстанга кетет. Дыйкандардын маалыматы боюнча Токтогул ГЭСиндеги суу түнкү 12ден кийин берилет. Ал эми күндүз суу жок”, - деген билдирүү кылды.

### “Сууларды сатып жана жаап-жашыруу оңойго турбайт”

“Электр станциясы” ААКтын пресс-катчысы Тагжана Айдаралиева Токтогул суу сактагычындагы сууну эч кандай сатылбашын билдирди. Анын айтымында: “Апрель айындагы суунун көбөйүүсүнөн улам Токтогул ГЭСинде суу көтөрүлдү. Учурда ГЭСтеги суунун көлөмү 10 миллиарддан ашты. Суунун кирүүсү жогорку деңгээлде, секундасына 1000 куб метрге жетти. Бул суулардын баары көзөмөлгө алынып турат. Бул бир гана биздин ишкана жактан каралбайт. Канча суу кирип, чыгып жатканы көптөгөн станциялар, тиешелүү мекемелер да карайт. Сууларды сатып туруп, эч нерсе билгизбей жаап-жашыруу оңойго турбайт. Эч кандай суу ыргытуу катталган эмес. Суулардын баары электр энергиясын өндүрүүгө жумшалат. Р.Умбеталиев айткан сөздөрдүн баары чындыкка дал келбейт. Токтогул ГЭСинде донный сууну ыргытуу болгон эмес, жана болбойт дагы. Түнкү саат 12ден кийин берилет деген сөздөр, ал адамдын бир күн дагы ГЭС же ТЭЦте иштебегенин айтып турат. Баары эле билгендей Токтогул ГЭСи күнүтүнү иштейт. “Суу түндө берилет” дегендиги бул адамдын сабатсыздыгын айгинелеп турат”.



“Электр станциясы” ААКтын пресс-катчысы Тагжана Айдаралиева



# Аптаптуу ысыкта териңизге кам көрүңүз

**Жайдын аптаптуу күндөрү айымдарыбыз күнгө күйүүдөн сактоонун айласын кылып, убара тартып келишет. Бул жолу биз сиздерге көп жылдан бери дерматология кесибин аркалап келе жаткан Нарбаева Аида эже менен болгон күнгө күйүүдөн кантип коргонуунун жолдору, анын пайдасы жана зыяны, бет май тандоо тууралуу маегибизди сунуштамакчыбыз**

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

**– Саламатсызбы! Азыр жайдын аптаптуу ысык мезгили өкүм сүрүүдө. Айтсаңыз, ушундай ысык күндөрү күнгө күйүүдөн кантип коргонуу керек?**

– Ооба, сөзсүз түрдө күндөн коргонуш керек. Бир гана аптаптуу ысык мезгилде эмес, бардык мезгилдерде коргонуу туура болот деп айтаар элем. Күндөн коргонуу үчүн бет майларды колдонушубуз керек. Күздөн баштап жазга чейин 25–30га чейинки күндүн нуруна туруштук берүүчү фильтрдеги, ал эми марттан баштап 50–75ге чейинки фильтрдеги күндөн коргоочу бетмайларды колдонсо болот.

**– Кайсы жана кандай бет майларды колдонуу жакшы таасир берет?**

– Профессионалдык бет май саткан дүкөндөр бар, ошол жерлерден алса болот. Бизге келген кардарларды көбүнчө ошол жакка жөнөтөбүз. Адамдын бет териси кургак жана майлуу болуп бөлүнөт, алардын баарына ылайыктуу бет май тапса болот.

**– Күндүн адамга канчалык деңгээлде зыяны бар?**

– Эгер күндөн сактанбаса, анда зыяны көп эле болот. Күндүн себебинен аллергия чыгып кетиши мүмкүн. Ошондуктан аба ырайына жараша күндө төрт сааттан, он бир саатка чейин жүргөн оң.

**– Эркек менен аялдын терисинде кандай айырмачылыктар бар?**

– Ооба айырмачылыктар бар. Баарыбызга белгилүү болгондой, аялдын өзү да, териси да назик келет, ошондуктан алар күндүн таасирин да тез кабыл алышат. Ал эми эркектердин терилери калың болот, күн дагы анчалык таасир бербейт. Аялдардын бет териси эркектердин терисине салыштырмалуу майлуу келет.

**– Бетке коюлуучу маскаларды кантип тандоо керек?**

– Маскалар теринин түрүнө жараша коюлат, тери майлуу же майсыз болушу мүмкүн. Ошондуктан маска алып жатканда сөзсүз теринин кандай экендигин аныктап алган оң. Маскаларды үй шартында колдонгондо жер-жемиштерди колдонуу пайдалуу. Эгер теринин аллергиясы жок болсо, бадыраң, алма, лимон, апельсин жана кулпунайды колдонсо болот. Айранды колдонуу да сунушталат.

**– Аида эже, маегибиздин аягында жумушуңуздагы кызыктуу окуяларыңызды окурмандар менен бөлүшө кетсеңиз.**

– Мага бир кыз кайрылган эле. Бетин мурда башка жактан дарылатыптыр. Эч натыйжа болгон эмес экен. Мен анын бет терисин карап көрүп, тиешелүү дарылоону жасадым. Эки күндөн кийин жумушумда олтурсам жүзү чала тааныш кыз кирип келди. Мен анын кайдан көргөнүмдү эстей албай койдум. Көрсө, ал эки күн мурда келген менин кардарым экен. Жүзүндө жанагы тактар жок, кыз кубанычтуу. Мага рахматын айтып, белегин берип кеткен.

**– Сизди кесиптик майрамыңыз менен куттуктайбыз, ар дайым эл кызматында жүрө бериңиз. Сөз соңунда элибизге, жалпы эле кесиптештериңизге каалоо тилектериңиз.**

– Рахмат! Элибизде, жерибизде ар дайым тынчтык болсун. Элибиз достукта болсун, себеби биз көп улуттуу мамлекетпиз. Токчулук, ынтымак, береке каалаймын. Ал эми дарыгер катары адамдарга ден соолук тилейм. Кесиптештериме бардык жакшылыктарды каалаймын.

## Териңиздин жакшы болуусуна пайдалуу кеңештер

- Тамактанып бүтөөр замат, ваннага түшүүгө болбойт. Көлгө же ваннага тамактануудан 2 саат мурда же 2 саат кийин түшүү керек.

- Ысык ваннадан кийин муздак (мээлүүн) душтун астында бир азга туруу пайдалуу. Бул теринин тешиктерин тарытып, кан басымын чыңдоого жана оңдоого жардам берет.

- Териси өтө майлуу адамдар ваннага түшкөндө этин щётка же атайын жуунуу үчүн чыгарылган мээлейлер менен сүртсө жакшы. Ал эми өтө кургак терилүү адамдар этин жуугандан кийин, алаканын өсүмдүк же олив майы менен майлап алып, терисине сүртүү пайдалуу.

- Тээриси өтө кургак адамдар ваннага же мончого түшөөр алдында бети-колуна майлуу бетмай, башына ачыган коюу айран сүйкөп алса, жуунуу учурунда теринин тешиктери жакшы ачылып, пайдалуу заттар жакшы сиңет.

- Таза жуулган бетке масканы жаап алуу керек. Маска ар кандай майдаланган жашылчалардан, мөмөлөрдөн, сүт азыктарынан боло берет.

- Масканы койгондон кийин көздү жумуп, 10-15 мүнөтчө бетти кыймылсыз кармап, тынч жатуу керек. Баштын астына атайын жаздыкча коюп алганыңыз туура. Андан кийин жүздү жылуу суу менен жуу зарыл.

- Алма бетти агартып, жашартат. Аны азыраак сүткө бышырып, бетке жылуулай жабат, 20 мүнөттөн кийин бетти муздак суу менен жууп коёт.

- Сабиз маска, улгайып бараткан бетке жакшы. Аны сүргүчтөн өткөрүп алгандан кийин бетке жарым саатча коюп, андан кийин муздак сууга жууп, ылайыктуу бет майдан сүртүп коёт.

- Өңү өчүп бараткан орто жаштагы кургак бетке төмөнкүдөй бал маскалар жардам берет:

- Бир кашык балды бир жумуртканын сарысына аралаштырып, бетке абдан сүрткүлөйт да, улам кургаган сайын үстүнө жаңы коюп отуруп, бир нече катмар сыйпайт, катып бараткanda сыйрып таштайт.

- Бир кашык балды отко эритет да, аны бир жумуртканын сарысына кошуп сүрткүлөп, анан ага бир чай кашык камыр ачыткы, бир аш кашык сүт кошуп аралаштырып коёт. Сүйкөө ыкмасы жогорудай эле.



# Анэль: «Айтып бүткүс кыялдарыма акырындап жетүүдөмүн»

Кыргыз элинин көмүскөдө жаткан "Кара жорго" бийин эл алдына алып чыгып, жайылтууга салым кошкон адамдардын катарын толуктап, өзүнүн бийи, ырлары менен элдин жүрөгүнөн түнөк таап келе жаткан Анэль бүгүн бизге кызыктуу маек куруп берди

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

**– Саламатсызбы! Алгачкы эле суроону сиздин балалык чагыңыздан баштасак, кайсыл жерде өттү, кичинеңизде кандай кыз элеңиз?**

– Саламатчылык! Биринчиден, сиздерге ыраазычылык билдирем. Мен ушул Бишкек шаарында окуп, ушул жакта эле чоңойдум. Апам "сен кичинекей кезиңде көздөрүң бажырайган, чачың узун, ак жумал кыз болчусуң" деп айтып калат. Апам азыр да ушул сөздөрдү айтып эркелетип калат. Үйдө эң кичинекейи болгонум үчүн эрке кыз болуп чоңойдум окшойт. Кичине кезимден бери көптөгөн адамдар мени түркторго окшоштурушат.

**– Бала кезиңизде ким болсом деп кыялданчусуз жана ошол кыял-максаттарыңызга жеттиңизби?**

– Кыял чексиз болот эмеспи, бирок балалык кыялдар өзгөчө болот. Кичинемде ырчы, бийчи, актриса, сулуу, акылдуу эл алдында көрүнгөн атактуу кыргыз кыздарынан болгум келчү. Андан тышкары айтып бүткүс кыялдарды кыялданчуумун. Максаттарга, кыялдарга толугу менен жетүү деген болбосо керек. Бирок ошондой болгон күндө да акырындап ийгиликтерге жетүүдөмүн деп айта алам. Максаттар, кыялдар, жакшылыктар буюрса алдыда. Азыркы учурда көптөгөн чыгармачылык изденүүлөрдүн үстүндө эмгектенип келе жатам.

**– Ырчылык, бийчилик чөйрөгө качан аралаша баштадыңыз жана бул чөйрөгө аралашып калганыңызга эмне себеп болду?**

– Кичинемден эле аралаша баштадым десем болот. Негизи мектепте окуй элек кезимде апам кандай ырларды ырдаса, мен дагы кошулуп ырдай берчүмүн. Кээде орустардын балдарга арналган көптөгөн ырларын ырдап калаар элем. Мектеп жашымдан бийге катышып жана ырдап келдим. Апам Ажар Эсенбаева музыкалык мектепте 25 жыл директорлук кызматын өтөгөн. Ырчы-чоорчулардын чөйрөсүндө чоңойгонум үчүн тойлордо, жакшылыктарда апам менен бирге барып, кыргыз, орус, англис тилдеринде ырдап жүрдүм. Азыр дагы бул нерсени улантып келе жатам.

**– Бул эки өнөрдөн тышкары дагы кандай өнөрлөрүңүз бар болду экен?**

– "Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" дегендей эле кыздарга дагы көп талант аздык кылбайт. Мен өзүмдү көп кырдуу талантмын десем болот, ырчы, бийчи, андан тышкары өзүмдү актриса катарында көрсөтүп, орус элинин "Я там был" деген жомок кино тасмасына тартылып, өзүмдү сынап келүүдөмүн.

**– Өзгөчө кандай ырларга басым жасап ырдайсыз, сиз үчүн ырдын тексти маанилүүбү же обондун мукамдуулугубу?**

– Өзгөчө ырчымын деп айтып койсом да болсо керек, себеби кыргызча, орусча, түркчө, англисче дагы көптөгөн тилдерде ырдайм десем болот. Албетте ырлардын маанисине көңүл бөлүүнү эстен чыгарбашыбыз керек. Көпчүлүк учурда көңүлүмө толо турган ырларды ырдагым келет жана ырдап келе жатам. Ырды ырдап чыгаар алдында ошол ырыңды улуу-кичүү дебей сүйүп уга тургандай болгонуна маани берүү керек деп ойлоймун. Ырдын текстине жана обонуна бирдей маани берем, себеби экөө тең маанилүү нерсе.



Мирбек Атабеков менен Кыргызстан боюнча "Жылдыздуу турда"

**– Бул эки өнөр менен кандай ийгиликтерге жеттиңиз?**

– Биринчиден, Кыргызстанда кыздар арасында эң алгачкылардан болуп кыргыз элинин көмүскөдө, унутта калып бара жаткан "Кара жорго" бийин иштеп чыгып, элимдин маданиятынын бий тарабына чоң салым коштум. "Кара жорго" бийин эл арасында тойлордо, ар кандай жыйындарда, теле берүүлөрдө бийлеп, элибизге эң сонун маанай тартуулап, бий жаатын көтөрүүдө менин түздөн-түз салымым бар. Бийлеп чыгуу менен бий фестивалдарын өткөрүүгө да таасир берди десек болот. Сөзүм куру болбош үчүн айта кетсем, "Улут жүзү" фондунун жетекчиси Рустам Маманов "Биринчи эл аралык кыргыз эл бий сынагы фестивалын" өткөрдү. "Кара жорго" бийи менен 2013-жылы 12-октябрда өткөн фестивалда эмгегим бааланып, 80 миң сомдук сертификат жана "Биринчи эл аралык кыргыз эл бий сынак-фестивалынын" лауреаты деген наамга ээ болдум. Буюрса калган ийгиликтер алдыда деп ойлоймун. Андан тышкары азыркы учурда ыр жаатында дагы ырларым телелерден, көптөгөн радиолорубуздан берилип жатат.

**– Ар бир адам бул бир келүүчү өмүрдө бактылуу болууга тийиш жана ошого аракет кылып жашайт, айтсаңыз сиз үчүн бакыт эмне?**

– Бакыт дегенди кенен алганда элибизде тынчтык, бакубат жашоо, байгерчилик, өнүгүү деп билем. Ал эми эл ичинде биз дагы аман-эсен, ден соолукта болуп, чыгармачылык ийгиликтерге жетип, өзүңдүн үй-бүлөң, жакын адамдарын менен жакшылыктарда бирге болуп, жеке жашоондо өзүңдүн жүрөгүң каалаган адамды табуу, эңсеген, тилеген ой максаттарыңдын четинен орун алгандыгы. Дегеле бакыт көп жактуу деп билем.

**– Жашоодо ишеним арткан адамдарыңыз кимдер?**

– Ишеним арткан адамдарым – апам, бир туугандарым эң кымбат адамдарым. Көп досторум бар, алардын ичинен саналуусун гана жакын досторум деп айталам. Өкүнбөгөн адам болбойт го деп ойлойм, жашоодо ийгиликтерге жетсем деген ой-тилектер болот эмеспи, кээ бир күндөрү ой-тилектеримди аткара албай калган кездерим өкүндүрөт.



# Б.Жунусалиев: «Мекетепте эмнеге суусасам, балдарга ошону сундум»



«Ыйман» диний маданиятты өнүктүрүү фонду Кыргызстан жазуучуларынын жана акындардын адеп, ыйман, мекенди сүйүү, мыкты таалим-тарбия жаатында чыгармачылыгына дем берүү максатында долбоор баштаган. Фонд тарабынан алгач басылып чыккан Бакытбек Жунусалиевдин «Табигат сырлары» аттуу китебинин бет ачары жакында болуп өттү. Китептин автору менен маегибизди сиздерге сунуштамакчыбыз

УЛАН УСУПОВ

**– Алгач өзүңүз тууралуу кыскача маалымат берип кетсеңиз.**

– Мен 1980-жылы Талас районунун Көк-Кашат айылында туулгам. Ошол эле айылдагы айтылуу комузчу Атай Огомбаевдин атын алып жүргөн мектепти бүтүрдүм. 2004-жылы Кыргыз-Түрк Манас университетинин котормо бөлүмүн аяктадым. Учурда Арашан гуманитардык институтунун дин таануу факультетинде окутуучу болуп эмгектенем.

**– Бул китепти кандайча жазып калдыңыз?**

– Чыгармачылык жолум мектеп жашында эле башталган. Ал кезде аз-аздан ыр жазып калчумун. Бирок китепти көп окучумун. Бул сапатым жумасына үч-төрт китепти окуп бүтүрүп койгон атамдан калган деп ойлойм. Ошол мезгилде эле жан-жаныбарларга, канаттууларга болгон кызыгуум күч болчу. Биология сабагы менин сүйгөн сабагым эле.

Шаарга жаңы келген кезимде, жаныбарлар, өсүмдүктөр тууралуу ар кандай энциклопедияларды, түстүү китептерди көрүп калсам сатып ала албасам да, сөзсүз барактап, суктанып калчумун. Себеби биринчиден, сатып алганга кымбат болсо, экинчиден, алардын дээрлик баары орус тилинде болчу. Кийин интернет бул жагынан кеңири мүмкүнчүлүк сунду. Эң кызыктуу маалыматтарды орус, түрк тилдеринде таап, топтоп жүрдүм. Айрымдарын англис тилиндеги маалыматтар менен салыштырып, тактап алчумун. Ошондо айланабызды курчап турган табигат жана биз билип-көрүп эле жүргөн жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр тууралуу өтө кызыктуу маалыматтарды таптым. Улам жаңы нерселерди үйрөнгөн сайын «Эмне үчүн?», «Кантип?», «Кандайча?» деген суроолор пайда болуп жатты. Атактуу сүрөтчү Леонардо да Винчи «Табигатта баары улуу акылмандык менен жаратылган. Жашоонун улуу акыйкаты мына ошол улуу акылмандыкта камтылган», – дегендей дээрлик бардык суроонун жообу бир гана нерседе экенине ынандым. Табигаттагы таң каларлык табышмактардын, акылга сыйбаган сырлардын жандырмагы – ааламдын кемчиликсиз система катары жаратылганында экендигин билдим. Улуу Жараткан ар бир жандыкты өз ырыскысы менен жаратканын, алардын ар биринин жашоо шартына жараша өзгөчөлүк бергенин, жашоо үчүн күрөштө да адилеттүүлүк өкүм сүрөрүн, эң негизгиси, бул эч бир нерседе карама-каршылыгы болбогон система экендигин үйрөнүп билдим. Анан мен үчүн маанилүү жана өтө кызыктуу болгон маалыматтарды кыргыз тилинде жалпы окурмандарга, өзгөчө, дүйнө таанымы, ой жүгүртүүсү жаңыдан калыптанып келаткан мектеп курагындагы жаштарга жеткирүүнү максат кылдым. Себеби мен мындай маалыматтарга дал ошол учурда суусап жүргөм да. Ошентип, «Табигат сырлары» китеби жарыкка чыкты.

**– Китепти эмне себептен «Табигат сырлары» деп атадыңыз?**

– И.В. Гёте: «Табигат – ар бир барагы зор мааниге ээ болгон терең мазмундуу жападан жалгыз китеп»,-деп айткан экен. Анын сыңарындай, бул китеп дээрлик бардык маалыматтар жандуу жаратылыштын өкүлдөрү болгон флора жана фаунанын бир катар өзгөчө сырларын ачып берет. Бул жарык көргөн биринчи китепте бир караганда жөнөкөй көрүнгөнү менен биз билип эле жүргөн көптөгөн өсүмдүктөрдүн, курт-кумурскалардын, канаттуулардын жана жаныбарлардын да табиғатынан өзгөчө сырларына ээ экендиктерин окуп билсе болот. Мисалы, окурмандар бул китептен кайсы өсүмдүктөр курт-кумурскалар менен азыктанат. Аары орхидеясы аны чаңдаштыруучу аарылардын ургаачысынын формасын гана эмес түсүн да, жытын да кантип так окшоштуруп алган. Өрдөк тумшук канаттуубу же сүт эмүүчүбү. Күкүк чынында эле таш боор энеби же өзүнө түшкөн энелик милдетти так аткарып, көбүрөөк жумуртка туул, тукумунун уланышы үчүн кам көргөн канаттуубу. Хамелеондун түсү кандай, бака кантип өлүп тирилет. Учуучу жана өпкөлүү балыктардын жашоо образы кандай, "балыкча балыктар" кайда жашайт. Канаттууларды коркуткан көпөлөктөр кандай болот. Адамдагы эң кубаттуу насос эмне, организмде кандай фабрикалар бар жана башка ушул сыяктуу суроолорго жооп ала алат. Мындан тышкары табигаттан «көчүрүп алынган» ачылыштар жана илимий ачылыштардын табигаттагы «оригиналдары» тууралуу маалыматтарга орун берилген. Мына ушунун баары Улуу Жаратуучунун табигатка каткан сырлары экендиги, адамдар ишенбей койгон күндө да бул акыйкат өзгөрбөй тургандыгы тууралуу маалыматтар кыскача берилет. Ошондуктан китеп жогоркудай аталышка ээ болду.

**– Демек, бул китептин экинчиси да бар турбайбы?**

– Ооба, «Табигат сырлары» китебинин экинчи бөлүгүндө табигаттагы эң кооз кубулуштардын катарындагы түндүк жаркыроо, жалган сүрөттөлүш (мираж), чагылган жана анын түрлөрү тууралуу. Эң коркунучтуу табигат кубулушу болгон жер титирөө, вулкан тууралуу. Суу жана суу буусунун кызыктуу саякаты: туман, булуттар жана башка жаратылыш кубулуштарына сарeсеп салып, байкоо жүргүзүү менен Жаратკандын чексиз кудуретин таануу мүмкүнчүлүгү таасын чагылдырылат. Кудай буюрса, экинчи китепти ушул жылдын аягына даярдап жатабыз.

**– Бул алгачкы китебиңизби?**

– Алгач, 2012-жылы «Турмуш сабактары» аттуу китебим чыккан. Ал китеп коомду жана анын келечеги болгон жаш муунду мекенчилдикке, адептүүлүккө, ыймандуулукка, сабырдуулуукка үндөгөн, аң-сезимге жаңы багыт берип, терең ойлондурган, ар бир окуяга акыл калчап, татыктуу баа берүүгө чакырган аңгемелер топтому болуп саналат. «Турмуш сабактары» китебинин жазылышына да эң таасирдүү аңгемелердин кыргыз окурмандарына өз тилинде жеткиликтүү болбошу себеп болгон эле. Убагында орус, түрк тилдеринде мындай кызыктуу аңгемелерди өтө көп кездештиргениме карабастан, кыргыз тилинде издеп таппагам. Анан мына ошол адептүүлүккө үндөгөн таасирдүү аңгемелердин кызыктууларын кыргыз окурмандарына да жеткирүү максатында которуп, алгач кыргыз тилдүү журналдардын бирине жарыялап турдум. Ошол эле учурда журналистикага да кызыгып, ал багытта да иш алпарып жүрдүм. Кийин көптөгөн аракеттин натыйжасында ал аңгемелер топтому өзүнчө китеп болуп басылып чыкты. Мени кубандырган нерсе – ошол багыттагы китептердин башка авторлор тарабынан да которулуп, жазылып, окурмандарга сунушталып жатканы болду.

**– «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» дейт. Дагы кандай өнөрлөрүңүз бар?**


– Башында айтып өткөндөй, чыгармачылыкка жакынмын, ыр жазам. Ыр китебим жарык көрө элек, бирок үч ырыма обон жазылып, ырдалып жүрөт. Бир топ ыр сынактарында ийгиликке жетишкен жагым бар.

**– Жакшы экен. Келечекке кандай пландарыңыз бар?**

– Кыргызда «Кул жеймин дейт куйрукту, Кудай билет буйрукту» деген жакшы сөз бар го. Анын сыңарындай, чыгармачылык жактан жакшы ойлор, пландар бар. Кудай буюрса, аларды да ишке ашырууга аракет кылабыз.

**– Окурмандарга айта турган сөзүңүз.**

– Алгач мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ушул китептин жарыкка чыгуусуна азбы-көппү өз көмөктөрүн көрсөткөн бардык адамдарга, досторума, өзгөчө «Ыйман» диний маданиятты өнүктүрүү фондунун жамаатына жана жетекчиси Нуржигит байкеге терең ыраазычылык билдирем. Идеалдуу жазуучу да, эмгек да болбойт! Болгону сурооталаптарга төп келген жана татыктуу баага арзыган эмгектер болот деп ойлойм. Ошондуктан окурмандарга, бул багыттагы алгачкы эмгегим экендигин эске алуу менен кемчиликтери болсо туура кабыл алып коюңуздар демекчимин.




Сүрөт ▸ АКИпресс

# Сойкулукка баруунун себептери

Кыргызстанда сойкулук менен алектенген кыздар көбөйүүдө. Көп кыздар жумушсуздуктун айынан бул жолго барганын айтышууда. Ыплас жол менен акча табабыз, үй-бүлөбүздү багабыз дешсе айрымдары насыяны төлөш үчүн бул жолдо иштешет. Күнүмдүк акча табабыз деп ден-соолугун начарлатып алган кыз-келиндер да арбын. Коомчулукта бул нерсе көнүмүш адат сыяктуу болуп калгансыйт. Учурда сойкулардын арасында жашы жете элек кыздардын да кезиге баштаганы өкүндүрөт


Сүрөт ▸ АКИпресс

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Сойкулардын арасында эми эле өсүп келе жаткан 15 жаштагы кыз дагы бул иш менен иштеп жүргөнүн Ички иштер министирлигинин Кылмыш иликтөө башкы башкармалыгынын адамдарды соодалоо, коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштар менен күрөшүү бөлүмүнүн башчысы Адилет Илипбеков баяндайт: "Алмата менен Чүй көчөсүнүн кесилишинде "Boss караоке клуб" аталышындагы сойкукана бар деген оперативдик маалымат июнь айынын аягында түшкөн. Ал клубда Кытай жарандары жана Түштүк Корея жарандары гана эс алышчу. Аталган сойкуканада кыргыз кыздар, кечки 7ден баштап сойку болуп иштешүүдө деген маалыматтын негизинде, биз ал жерге оперативдик байкоо жүргүзгөнбүз. Байкоо убагында караоке клубуна кирип чыккан кыздарды, кардарларды баарын видео тасмаларга тартканбыз. Караоке клубдун кожоюну Түштүк Кореянын жараны экени, анын жарандык аялы кыргыз кызы экени далилденди. Бул үй-бүлө сойкукананы июндан бери иштетип баштаган. Жумушка алынган сойкулар "Вечерний Бишкек" гезитинин "Требуется" деген бөлүмүнөн, "ар бир кезметке (смен) 1300 сом" деген жарнама аркылуу жумушка киргени аныкталды. Сойкукананын администратору келген кыздардын кебетесин карап, жарайбы же жарабайбы деп чечет экен. Сойкуга жарактууларын дароо эле жумушка алып, кебетеси анча эмес кыздарды "биз сизге анан чалабыз" деп кетиришкен. Биз чогулткан материалдарды Бишкек шаарынын Ички иштер Башкы Башкармалыгына өткөрүп бергенбиз. Тергөө бөлүмү биз чогулткан кагаздардын негизинде 261-берене менен иш козгоп, Свердлов сотунан сойкукананы тинтүүгө санкция алынган. 2-июль күнү кечки саат 9да ГУУРдун ыкчам тобу менен биргеликте караоке клуб аталышындагы сойкуканага кирдик. Биз ал жерге кирип барганда, 21 кыз кармалган. Бул сойку кыздар "аё" жана "тандаё" деп экиге бөлүнүшөт. Тандаё – интимге барган кыздар. Ал эми аёлор ичип-жеп, кардарлардын каалаган кежирлигин аткарышат, бирок интимге барбайт. Кардарларга сойку кыздар тизилип берилет. Кайсы кыз жаккан болсо, ошол кызды тандап алышат. Эс алганы келгендер кайсы кыз интимге, ал эми кайсынысы көңүл ачууга экенин дароо сурап алышат. 21 кыздын ичинен 8 кызы интимге барчу. Алардын 1 түнгө баасы 100 АКШ долларынан өйдө турат. Кардар акчаны администраторго берип, сойку кызды алып кетет. Сойку эртеси 100 доллардын 5 миң сомун алат. Аталган сойкуканада 6 кабина бар. Мындан сырткары кыздардын өзүнчө кийинип, чечинип жасанган бөлмөсү бар экен. Кардарлар албай калган кыздар ошол бөлмөдө жасанып күтүп отурушат экен. Биз бир кыздын аты-жөнүн тактагандан кийин 15 жашта экенин билиндик. Сойку кыздардын арасында Бишкектен жана облустардан келген студент кыздар бар. Күндүзү окушат, түнкүсүн иштешет. Атасы менен апасы жумушсуздуктун айынан иштебей, кыргыз кыздар сойкулукка кетип атат. Көп нерсенин баары үй-бүлөдөн болот. Акча керек болсо акча алайын десе, алчу адамы жоктон улам бул жолго кетүүдө. Кыздар "кафеде иштеп атам" деп ата-энелерин алдайт. Ата-эне кыздарын жакшылап көзөмөлдөшү керек. Канчада кетип жатат, канчада келип атат, эмне жумушта иштеп жатат билиши керек. Сойкуларды административдик түрдө жазалап, же болбосо 15 күндүк убактылуу кармоо жайга киргизгенге жаңы өзгөртүүлөрдү киргизип жатабыз. Сойку кыздар көбөйдү же азайып баратат деп айта албайм. Бирок биздин бөлүм ачылганга чейин сойкуканалар көп болчу. Биз иштеп сойкуканаларды четинен жаап жаткандыктан бир аз болсо да азайып атат деп ойлойм. Сойку кыздардан бул жолго эмнеге бардың десе "акча керек, баламды багышым керек, ата-энемди багышым керек, алар оорулуу" деп жооп беришет. Көп сойкулар материалдык жактан көз каранды. Корей жарандары жаш көрүнсө дагы алардын жашы 30дан жогору карай кардарлар келет. Бул караоке клубун иштеткен корей жаранына, анын аялына жана администраторго кылмыш иши козголду",-деди.



Адамдарды соодалоо, коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштар менен күрөшүү бөлүмүнүн башчысы Адилет Илипбеков


Сүрөт ▸ АКИпресс

Караоке клубду иштетүүчүлөрү

### Психологдун айтымында

Сойкулуктун келип чыгышынын 3 себеп бар дейт «Данакер» үй бүлөнү бекемдөө борбору» коомдук фондунун жетекчиси, психолог Чынара Термечикова. Ал: "Сойкулуктун биринчи себеби генетикалык физиологиялык тукум куучулугу болушу мүмкүн. Эненин жүрүм-турумун көрүп кызы сойкулукка келиши мүмкүн. Биофизиологиялык теориянын негизине карап айтсак да болот. Мисалы, өнүгүүдөн артта калган, же жаман тукум куугандыктан болгондору бар. Физиологиялык жактан өзгөчө дене түзүлүштөгү адамдар сойкулукка жакын болушу мүмкүн. Сойкулуктун 2-себеби – психологиялык себептер. Мисалы, адамдарда белгилүү сапаттар болот. Эгерде бул сапаттарды туура жөнгө салып турбаса бул дагы сойкулуктун себептеринин бири болуп калышы ыктымал. Кээ бир кыздар өзүнүн курдаштары менен мамиле курганды билбейт. Же болбосо мурда зордук-зомбулукка дуушар болгон, түнт психологиялык деплевация болгон. Деплевация бул өспүрүм кыздардын муктаждыктары ишке ашпай калган учурлар болуп эсептелинет. Айрым кыздардын билимин жогорулатууга дилгирлиги жок болушу мүмкүн. Башкача айтканда апатия, депрессияда болгон учурларда сойкулукка барышы мүмкүн. Сойкулуктун келип чыгышынын 3-себеби бул социалдык маселе болуп эсептелинет. Социалдык жактан, макро жана меза деңгээлин карасак болот. Макро дегенибиз өлкөдөгү саясий экономикалык кырдаалдын туруксуздугу. Жалпы элдин турмушунун начарлыгы кыздарды сойкулукка түртөт. Ал эми меза деңгээл – өспүрүмдөрдүн чакан топто өзүн алып жүрүүсү. Мисалы үй-бүлөдөгү туруксуз мамилелер, конфликтер же үй-бүлөнүн жоктугу көп кыздарды ичкиликке, баңгизатка кызыгууга түртөт. Сойку кыздар үй-бүлөдөгү мамиленин начардыгынан, материалдык жактан көз каранды болбойм деп, өзүм акча табам деп жаман жолду тандап алышууда. Өспүрүм куракта жумуштук мамилелер тууралуу маалыматтын жоктугу да сойкулукка алып келет. Кыздарга жыныстык мамиле тууралуу мектепте же үй-бүлөдө "бул туура эмес жол" деп түшүндүрүү керек. Физиологиялык жактарын, анын кесепеттерин, эрте бойго бүтүү эмне деген нерселерди кыз билиши керек. Демек кыз бала сойкулукка генетикалык, психологиялык, социалдык себептерден улам кабылат.


«Данакер» үй бүлөнү бекемдөө борбору» коомдук фондунун жетекчиси, психолог Чынара Термечикова

Өспүрүм куракта баланын сексуалдык энергиясын башка багытка буруу керек. Мисалы, спорт менен машыгууга же болбосо ар түрдүү кружокторго катышууга өбөлгө түзүү керек. Аларда ашып жаткан энергияны жакшы нукка жумшоо керек. Ата-энеси баласынын кичинекей кезинен тарбия бериши керек. Чоңойгондо өзү үйрөнүп алат, бул табигый нерсе деген ойдон алыс болуу керек. Балага кичинекей кезинен эле дене түзүлүшүнө көңүл буруп, чоңойгондо кандай болуу керектигин айтуу керек. Аны башка нерселерге кызыктырып, өнүгүү муктаждыгын колдош керек. Кайдыгерлик баланы албетте жаман жолдорго түртөт. Үй-бүлөдөгү тарбия абдан маанилүү. Баланы кичине кезининен терс таасирлерден коруп, оң таасирлерге багыттоо зарыл. Дайыма оң эмоция алган үй-бүлөдө бала жаман жолдорго барбайт. Кыз баланын муктаждыктарын учурда канааттандыра албаса, анын туура эмес жолго түшүүсүнө ата-эне себеп болуп калат", – деди.

Материалдык муктаждык жана ачкачылык адам баласын тез эле мыкаачыга же маңкуртка айлантып коёру белгилүү. Кыз-келиндерибиз "жыргаганымдан жылкычы болуптурмунбу?" дегендей, жакшы турмуштан сойкулук жолго түшүп жатпаган чыгар. Андыктан жаш кыздарыбызды сойкулукка мажбурлагандарды катуу жазага тартуу менен эле чектелип калбастан, жаштар арасындагы жумушсуздукту жоюу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү сыяктуу комплекстүү иш чараларды жүргүзүү керек. Бир сөз менен айтканда коомубуз моралдык жактан тазаланбаса, сойкулуктун жоюлушу кыйын.

# Ооган-тажик чек арасын 8 миңдей экстремисттер байырлоодо



Тажикстандын борбору Дүйшөмбү шаарында аскерлер чек араны коргоо боюнча катуу даярдыктарды көрүүдө. Анткени Ооганстан менен Тажикстандын чегине 8 миңге чукул согушчандар жакындаганын айтышууда. Алар талибандар менен "ИШИМ" экстремисттик тобу болушу мүмкүн дейт жергиликтүү тажик бийлиги.

УКМКнын маалыматында ооган тараптан жакындаган 8 миңдей согушчан Тажикстанга жакын тоо кыркаларына байыр алууда. Азырынча алар чек арага карата эч кандай чабуул жасаган эмес. Мындай абал тажик бийлигин тынчсыздандырууда.

Тажикстандын коопсуздук кызматынын өкүлү, "Бийлик ар дайым даяр болуусу керек. Анткени согушчандар качан кырдаалды өзгөртүп салаары белгисиз."-деп кошумчалаган. Маалым болгондой, Тажикстан Ооганстандагы кооптуу кырдаалдан чочулап Орусия жана ЖККУнан жардам сураган.

## Кытай уйгурлар менен этникалык чырлар жоктугун айтты



Кытай бийлиги Чыгыш Түркстандагы абал боюнча билдирүү жасады. Анда уйгурларга карата эч кандай кысым жок деп белгилешүүдө.

Өлкөнүн Тышкы иштер министрлигинен таратылган маалымата: "Чыгыш Түркстанда эч кандай этникалык маселе жок. Алардын диний ишенимдери мыйзам чегинде корголот."- деп айтылат. Буга чейин уйгурларга карата кысым боюнча Түркия, Англия өлкөлөрү Кытайга сын сөз айткан. Ошондой эле жер жерлерде каршылык иш-чаралары да болуп өткөн. Түркия Кытайдын Анкарадагы элчилигине кайрылуу жасаган.


Буга чейин Рамазан айында уйгурларга карата кысым күчөп кеткени кабарланган. Кытай бийлиги Чыгыш Түркстанда мамлекеттик кызматкерлер менен студенттердин орозо кармоосуна тыюу салып, орозо кармап же кармабаганын сынап көрүү үчүн элге бекер тамак аш таркатылганы да келген кабарлардын арасында орун алды.

## Обама Сириянын башчысы Асаддын бийликтен кетүүсүн туура көрөт

АКШ президенти Барак Обама Сириядагы абалды жөнгө салуу боюнча сөз сүйлөдү. Ал Сирия кризисин жөнгө салуу үчүн учурдагы президент Башар Асаддын бийликтен кетүүсү керектигин айтты. Тактап айтканда Сирияда Асад катышпаган бийлик орнотулуп, андан соң баары "ИШИМ" террордук тобуна каршы күрөшүүсү керек.

Буга чейин да АКШ Асад режимин өзгөртүү керектигин айтып келген. Орусия болсо, Башар Асадка жардам берип, өлкөдөгү абалды стабилдештирүү керек деген пикирде. Учурда Сирияда Асад режиминин аскерлери жана оппозициялык күчтөр башаламан саясат жүргүзүүдө. Мындан сырткары "ИШИМ" экстремисттик тобу да Сирияны байырлап жакынкы Чыгышта кулач жайууда.

Маалым болгондой, Сириядагы согуштун башталганына 6 жылдын жүзү болууда. Граждандык согуштун айынан жүз миңдеген адамдар өлүп, миллиондогон калк качкын болуп жүрөт.



## Арменияда ачкачылык жарыялаган жаран оозун тиктирип алды



Армениянын полициясы Ереванданы митингчилерди таркатуу боюнча чара колдонду. Бирок калк таркаган эмес. Алардын айрымдары ачкачылык жарыялап, бир киши оозун тиктирип алганы айтылды. Полиция жана атайын техникалар аянтка жакын келгени да кабарланууда. Бул тууралуу "Новости Армения" басылмасы жазды.

Тактап айтканда Баграмян проспектисин тосуп алган калкка кечээ эскертүү берилип, аталган көчөнү кечинде ачуу керектиги айтылган. Полиция күч колдонууга бараарын да эскерткен.

Митингке чыккандар өкмөткө, 6-июлдун кечине чейин, электрге болгон баанын көтөрүлүшүн жокко чыгаруу керек деген катуу талап коюшту. Ошондой эле 23-июндагы митингде калкка орой мамиле жасаган полициялар жазалансын дешүүдө. Эгерде алардын талаптары аткарылбаса, анда алар күн сайын президенттик сарайды көздөй бир метрден жылып, президенттик сарайды курчоого алууну көздөп жатышат.

Маалым болгондой, 19-июндан бери Армениянын борборунда 20 миңдей калк электрге болгон баанын жогорулаганынан улам мөөнөтсүз митинг жарыялаган болчу. Ал эми өкмөт бааны кымбаттатуу убактылуу токтотулганын айтып, калктын жакыр катмарына жеңилдиктер каралат деп убада кылган.




## Саакашвилинин командасы үчүн АКШ маяна төлөйт

АКШ өкмөтү Украинанын Одесса облусуна акча бөлөт. Бул тууралуу облустун жетекчиси Михаил Саакашвилини өзү маалымдаган.

Грузиянын мурунку президенти Саакашвили бир айдан бери Одессада реформа жасоо үчүн аракеттерди көрүп келүүдө. Облустагы кызматкерлердин маянасы үчүн учурда АКШ каржылык колдоо көрсөтмөй болду. Бул облустагы паракорчулукка каршы күрөшүүгө жардам катары берилүүдө.

Эске салсак, губернатор Саакашвили кечээ АКШнын Украинадагы элчиси менен жолуккан. Анда Одессада реформа жасоого аракет кылган Саакашвилинин командасы үчүн маяна төлөп берүү маселеси каралган.

Михаил Саакашвилини Украина президенти Порошенко Одессанын губернаторлугуна дайындаган. Ал бул кызматка келүү үчүн Украинанын жарандыгын алды. Ал эми Порошенко менен Саакашвили студенттик кездердеги достордон экени да жалпыга маалым.



## Өзбекстан өз "Голливудун" куруудa

Өзбекстандын Ташкент шаарында Америкадагы Голливуд сыяктуу аймак курулду. Бул тууралуу жергиликтүү басылмалар жазды.

Фейсбук социалдык тармагында тараган сүрөттөрдө, Ташкенттин Яккасарой районунда "Голливуд багы" түзүлгөн. Анын көрүнүшү АКШдагы Голливудка окшош. Учурда бул сүрөт социалдык тармактарда кызуу талкууланууда. Айрым колдонуучулар, аталган жерде Голливуддук тасма тартылышы мүмкүндүгүн айтышкан. Бирок шаар жетекчилиги азырынча бул тууралуу эч кандай билдирүү жасай элек.

АКШдагы Голливуд дүйнөлүк кино индустриянын мекени катары белгилүү. Ал эми кино тартууда алдыда жүргөн Индия Бомбей шаарында Болливудду түзүшкөн.

**Бетти даярдаган**
ОРОЗГҮЛ АРСТАНОВА



# Замир Мукашев: «Биздин жылкыларда кылымдаган эмгектер бар»

«Азаматтын жакшысы бирде - мырза, бирде – кул. Аргымактын куйругу бирде - жибек, бирде - кыл» деп айтылган. Ат жаныбары кайраты, талбастыгы менен өзгөчөлөнөт. Мына ушул асыл тукум күлүктөрү менен атагы чыгып жаткан "Элдияр" жылкы заводунун жетекчиси Замир Мукашев жылкы жаныбары тууралуу маек куруп берди

РАХАТ АКМАТОВА

**– Алгачкы сөздү атка кандайча кызыгып, бул ишти кантип аркалап калганыңыздан баштасак.**

– Атка кызыгып калышыма ата-энемдин малчы болгондугу таасир берди десем болот. Атам Мукаш атка өтө аяр мамиле жасап, ат жабдыктарын майлап-көктөп, атты сылап-сыйпап минчү. Өзүм дагы кесибим боюнча ветеринар врач болгондуктан, окууну бүтүп келип, кесибим менен иштеп жүрдүм. Кийин чарбага келип, жетекчи болуп калдым. 1988-жылдары чарбага алгачкы күлүктөрүбүз Замана деген байтал, Орёл деген жорго келип, экөө бир чоң тойдо аламан байге утуп алышты. Ошентип бул ишке кызыгып отуруп, чарбада атайын бөлүм уюштуруп жылкыларды топтой баштадык. Улам илгерилеп отуруп, бара-бара тажрыйба топтоп, Кыргызстан, Казакстандагы ат чабыштарга барып жүрүп, бул ишке аралашып кеттик. Ошентип отуруп «Элдияр» деген менчик жылкы заводу деген макам алдык. Бул макам мамлекет тарабынан көптөгөн критерийлер боюнча каралат. Атайын комиссия тукумдун сапаты, көлөмү, жетишкендиктери, кадрлары боюнча баалап, анан өкмөттөн токтом чыгат. Жорго боюнча мелдештер карачай, моңгол, түрк, татарларда бар экен. Бирок эң негизгиси, казак менен кыргызда жорго чабыш абдан өнүккөн. Мелдештерде биздин жорголордун 80%ы жеңишке жетет. Менимче, биз бул тармакта лидер боло алдык. Казакстан, Кыргызстанда бизден иштеп тажрыйба топтоп кеткен балдар көп жүрөт. Алар жакшы ийгиликтерге жетишип жатышат, башкача айтканда, биз бул жаатта мектеп да болуп калдык десем болот.

**– Жорго салыштын ой-кырлары тууралуу эмнелерди айтып бере аласыз?**

– Жорго чабыш күлүк чапкандан кыйла татаалыраак болот. Себеби атты биринчи жоргосун чыгарып, жаңылтпас кылып үйрөтүштүн өзү татаал. Сөзсүз ээрге чиренип, тизгинди бирдей кармап, ээрге үзөңгүлөп отуруп, бир калыпта башкарбаса, жаңылып кетсе, жарыштан чыгып калат. Ошондуктан тажрыйбалуу чабандес керек. Жорго чеберчиликти жана эмгекти талап кылат.

**– Саяпкери жарашса, күлүктөн күлүк чыгат эмеспи! Саяпкерлердин жумуш өзгөчөлүктөрү тууралуу кеп уччугун уласак.**

– Саяпкерлик – чоң эмгекти, интуиция жана алдын ала көрө билгендикти, изденүүчүлүктү талап кылат. Азыр атаандаштык аябай өстү. Бир жыл ичинде кеминде 25 ат чабышка катышабыз. Иш бир токтоп, изденбей манчыркап, тукумун жакшыртпай калса, багуусунан кетирсе, даярдоо методикасынан жаңылса сөзсүз утулуш болот. Ошон үчүн бул кесип түн уйкудан калтырат, саяпкер уктап атып деле кулагы жылкы жакта болот. Жорго таптоо изденүүнү көп талап кылат. Жылкыны жакшы формага келтирип чаап жеңишке жетиш, ошону кармаш татаал нерсе. Жылкы 3 ай гана жакшы формасын сактап турат. Жаздан баштап күзгө чейин жакшы формада туруш бул өзү өтө чоң чыгармачылыкты, талантты, билгичтикти талап кылат. Жаңагындай көп жылдык тажрыйбанын негизинде кээде илимий нерселерди колдонобуз, чогуу иштешебиз.

### Кулун бээнин курсагындагы кезде эле жакшы багылышы керек

Жылкы жеңишке жетүүсү үчүн мен 4–5 шартты бөлүп көрсөтөөр элем. Эң биринчи шарт, жылкы заводдун же ферманын климаттык жер шарты. Мисалы, биздин шарт орто деңгээлде, башкача айтканда, өтө бийик да эмес, төмөн да эмес. Илимий тил менен айтканда, гипоксия деп коёт, кычкылтектин бир аз жетишпей турган учуру. Биздин шартыбызда көл бар, кумдуу жерлерибиз бар, тоолорубуз бар, атайын чуркай турган каттамдарыбыз бар. Экинчиси, жылкынын тукумунун ата-теги мыкты болуп, эне жактан да, ата жактан да генефонд күчтүү болушу керек. Илгеркидей жылкы экен деп эле тышкы кебетесине карап чаба берүү калып калган. Биздин жылкылардын өзүндө кылымдаган эмгектер бар. Мисалы үчүн, америкалык стандарт бред пародасынын тукуму Англиядан башталып, Америкадагы заводдордогу сыноолордон өтүп, ыкчамдыкка тарбияланып, селекция жүргүзүп отуруп паспорт алышат. Интернеттен эл аралык деңгээлдеги макамга жеткен жылкылардын ар биринин тукумунун 7 эмес, 17–20 атасына чейин таап алса болот. Үчүнчүсү – багуу. Жакшы изденип, ар түрдүү микроэлементтер, витаминдер жана энергетикалык тоюттар менен жылкыны азыктандырууу керек. Илгертен эле ата-бабаларыбыз ушинтип багып келген. Кулун бээнин курсагындагы кезде эле жакшы багылышы керек. Такай тердеп отуруп, тер менен көп нерсе чыгып кетет, ошону толуктап туруш керек. Ат сарайдын ичинде жарыктын болушу, кургактыгы, желдетүүсү деген толгон шарттары бар.

### Саяпкерлердин уйкудан калып, жылкынын жанына жаткан күндөрү болот

Төртүнчү жана эң негизги шарттардын бири – саяпкерлердин даярдоо методикасы. Баары эле меники туура деп ойлойт, бирок анын ичинен жаңылгандар көп. Жогоруда айтып өткөндөй, жылкыны формага келтирүү, аны мезгил боюнча кармай билүү зарыл. Жылкынын бир эле мезгилде ыкчамдыкка дагы, чыдамкайлыкка дагы, анан топ менен жүргөнгө дагы үйрөтүү керек. Жылкынын нерв системасын да туура эсепке албасак, булар дагы адам сыяктуу эле меланхолик, холерик, сангвиник, флегматик сыяктуу 4кө бөлүнөт. Ар бир жылкынын нерв системасын, анын мүнөзүн, жөндөмүн, начар жактарын эске алып даярдоо керек. Ар бирин өзүнчө жеке даярдабаса, шаблон менен даярдоо жылкылардын бирине туура келсе, бирине туура келбей калат. Даярдоонун да жумалык, айлык, мезгилдик программалары болуш керек. Ошого жараша формага келтирип, анан чабышка даярдаш керек. Бул өтө эмгекти талап кылат. Саяпкерлер уйкудан калган, жылкынын жанына жаткан күндөр болот. Мында саяпкердин ролу өтө чоң. Эгерде саяпкердин билими жетишпесе, жылкыны бир жерден өксүк кылып койсо, даяр атты тапка келтире албай калышы мүмкүн. 2 жашынан баштап мелдеш башталат. Атты биринчи жылы иштетүү эң оор мезгил болуп саналат. Бул – тарбия. Тарбияга көп нерсе кирет. Тизгинди сезе билишүү, ээрге үйрөтүү, анын нерв системасын эске алып даярдоо, тоют жегенди үйрөтүү, такалап үйрөтүү, атка аралаштыруу, ар кайсы шаан-шөкөттөргө катыштыруу.

### Башка чапкандан жылкы бүт баарын жоготот, камчылай берип жылкыны сындыргандар көп

Кээ бир аттардын нерви жука, өтө сезимтал болот. Жалгыз кезде жакшы жүрө берет да, чабыштарга барганда жалтыр-жултур, ызычуу, музыка, элдин көптүгүнө чыдабай, ошол жерден нерви тынчтанбаган аттар болот. Мындай аттар мелдешке чейин эле такыр алсырап тердеп калат. Анан кээ бир нерви калың аттар болот. Баарына көнөт. Жылкыны бир жерден экинчи жерге ташуу да татаал нерсе. Тиешелүү ташып жүргүүчүсү болушу керек. Жылкыга акырын, сылык-сыпайы мамиле кылуу керек. Айрымдар жылкы өзү кыйналып баратса, башка-көзгө чапкылайт, башка чапкандан кийин ал жылкы бүт баарын жоготот. Камчыны абдан зарыл учурда гана акырын-акырындан чаппаса, камчылай берип жылкыны сындырып салгандар көп болот. Бешинчиси, жылкыны чапкан бала. Бала ошол күнү өзүнүн атынын мүмкүнчүлүгүн, чабыштын ыкчамдыгын эске алуу керек. Кээде жайыраак чабыш болуп калат, кээде жан талаштырган аябай катуу атаандаштык, эрегишүү болот. Потенциалдуу фаворит башка атаандаштардын жүрүп бара аткандагы дем алуусуна, бут ташташына, аттын акыбалына чейин байкай билиши керек. Чабыштын ичинде бири-биринин жолун торомой, камчы менен чаппай, бири-бири менен биргелешип алып чыга турган аттарды камчылап чыгарбай коймой деген көп тактикалык кыйынчылыктар бар. Ошолордун баарын кичинекей балдарга түшүндүрүп даярдоо өзүнчө бир татаал нерсе. Ушул 5 нерсе толук болгон күнү гана ат чыгат. Ушулардын баарын эске алып туруп, жарышка ушундай даярдык менен баруу керек. Мындан тышкары мунун дагы көптөгөн сырлары бар, ар бир саяпкердин өзүнүн дагы сырлары болот. Бул узун мөөнөттүү эмгек. Бир атты чыгарыш үчүн аны тандап, бээни айгырга кошкондон баштап, жок дегенде кеминде 3–4 жыл керектелет. Анан ат өзүнүн потенциалын көрсөткүчө 10 жылдай убакыт өтөт. Бул жылдар ичи майрам, дем алыш деген нерселер унутулат.



# Ансыз деле сүйбөйсүң!

Жолдошуңуздун кабар берип койбостон кеч калганына, сизди күттүргөнүнө капа болуп, ал турсун кыжаалат болдуңуз. Анан келээри менен жинденип тосуп, эмне үчүн кечиккенин сурабастан, өзүңүзчө эле бир нерселерди божомолдоп, сүйлөнө бердиңиз, ошентип жиниңиз дагы да кайнап чыкты.

Ал да сизге мүмкүн болушунча терс жооп айтты. Жаңжалдын чыгуусуна жакшы себеп, туурабы?

Бир күнү ооруп калганыңызда бир нерсени жасай албай калганыңызга анын түшүнүү менен кароосун күткөнсүз, бирок тилекке каршы андай болбоду. Кетирген катаңызды бетиңизге айтып уялтты. Сиз да жөн тура албай, ачууңуз келип, тартыша кеттиңиз.

Жубайлар ортосундагы эң чоң жаңылыштык – бири-бирин туура түшүнбөө.

Кээ бир үй-бүлөлөр түшүнүшпөй калган маселелерин ичине катып, бирок "учуру келгенде айтам" деп, кийинкиге сактап коюшат.

Ал эми көпчүлүк үй-бүлө өзүн токтотуп, оюн айтуунун ордуна ачуусу мурдунун учуна келип, эмоцияга алдырып жиберишет. Ошентип кичинекей эле түшүнбөстүк чоң жаңжалга айланып, "ансыз деле сен мени сүйбөйсүң" же "сен мени бир да жолу түшүнбөдүң" деген даражага жетет.

Чыныгы сезимдерди ачуу менен чыгаруу жеңилирээк, ал эми уялуу, кызыгуу, кыжаалаттануу, капа болуу, оюндагысы болбой калгандыгы тууралуу абалды түздөн-түз айтуу бир топ кыйын. Ал эми жинденип, ачуу келгенде эч нерседен тартынбай этпей эле баарын айтып салабыз. Ушундан улам негизги себеп айтылбастан, арткы планда калат. Чыныгы болгон нерсени так, сезимдерибизди түшүнүктүү деңгээлде айта албагандыктан, каршыбыздагы адамдын өзүн коргоого өтүүсү менен бири-грибизге башынан эле туура түшүнүү жолдорун жаап алабыз.



## Сүйүү жана достук

Уруш-жаңжалды жалбыракка жазууну каалайт элем, күз келсе дарактар жалбырагын төксүн деп.

Ачууну бир булуттун бетине жазууну каалар элем, жамгыр жаап булут жоголсун деп.

Жаман көрүүнү кардын үстүнө жазууну каалар элем, күн чыкса карлар эрисин деп.

Сүйүүнү жана достукту жаңы төрөлгөн бардык ымыркайлардын жүрөгүнө жазууну каалар элем, алар менен кошо чоңоюп, бүт дүйнөнү кучагына алсын деп.

## Оюнчук сатып алаарда эмнеге көңүл буруу керек?

- Оюнчук тандоодогу алгачкы маанилүү нерсе – оюнчук баланын жашына, жөндөмүнө жараша каралып, ыңгайлуу болуусу зарыл.

- Наристеге зыян келтирбей турган, тоголок, сүйрү жана учтуу болбогондой оюнчуктарды тандаңыз.

- Баланын кармап ойноосуна ыңгайлуу болушу зарыл.

- Зыянсыз боёк менен боёлгондорун тандай билиңиз.

- Оюнчукту колуңузга алып жакшылап карап көрүңүз. Андагы майда темирге окшогон, коонздолгон кичине темир-тезектердин болбоосуна маани бериңиз.

- Ал эми түстүү калем алаарда атайын жаш балдар үчүн чыгарылганын алыңыз.

- Үн чыгарган оюнчуктарды көп убакыт колдонгондон же болбосо кулакка жакын кармагандан баланын угуусу начар болуп калышы ыктымал.

- Жиби узун, катуу кагаздан жасалган оюнчуктар кичине бала үчүн коркунуч туудурушу мүмкүн.



## Жаңы баскан балага бут кийим тандоо

**Адистин кеңеши:**

Жаңы төрөлгөн жаш баланын буттары болтоюп, таманы жалпак болот. Мындай көрүнүш анын тубаса жалпак таман экендигин билдирбейт. Бул кадимки эле ар бир наристеде болуучу май катмарлары. Жаштын өтүүсү менен ал катмарлар акырындап азайып, туура формага келе баштайт. Ал эми баланын жалпак таман болгону 1 жаштан кийин байкалат. Бирок көп кыжаалаттанбай эле коюңуз. Себеби бала 7 жашка чыкканга чейин оңдоого мүмкүнчүлүк бар.





## Жаш балдардан үйрөнүү

Билим берүү жана тарбиялоо бир тараптуу эле жол эмес. Балдарыңыздан бир нерселерди үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбаңыз. Жаш балдар убакытты жакшы өткөрүүнү мыкты билишет. Мисалы, себепсиз эле күлүшөт, себеби күлүүнү жактырышат. Сиз да жылмайыңыз.

Балдар чечкиндүүлүктө алдыга эч кимди чыгырбайт. Алар бир нерсени кааласа, андан кайра кайтышпайт. Алар кийинкисин ойлоп шектенбейт, жылуу сүйлөп, жылмайган адамдын баарын ошондой кабыл алат. Балдарыңыз менен чогуу болуп, бирге убакыт өткөрүңүз. Дүйнөгө, жашоого анын көзү менен карооого аракет жасаңыз. Мына ошондо дагы да көбүрөөк күлүп, ичиңизден кандай болсо, ошондой мамиле жасап, дагы да көбүрөөк кызыгуу пайда болгонун жана боло элек эле ар нерсеге тынчсызданып шектенбестен, дагы да көбүрөөк чечкиндүү болосуз. Канчалык бизге пайдасы жок сыяктуу көрүнүп «чоочун» болсо да, биздин ээ болгон эң баалуу нерсебиз балдарыбыз.

## Акыл мурастары

Эркектер аялдардын алгачкы сүйүүсү, айымдар болсо, мырзалардын акыркы махабаты болуусун каалайт.

О.Уайльд

Аялдар назик, бирок энелер күчтүү.

В.Гюго

Этти даамдаган ит куру нанга алымсынбайт.

А.Хашим

Адилет өкүм сүргөн жерде курал-жаракка орун жок.

Амиот

Таттуу балдын да ашыкчасы жагымсыз.

У.Шекспир

Баласын сүйбөгөн ата болушу мүмкүн, бирок небересин сүйбөгөн чоң ата жок.

Виктор Гюго

Ачкачылык ушунчалык жапыз эшик, андан өтүү зарыл болгондо адам канчалык чоң болсо, ошончолук ылдый ийилет.

В.Гюго

Душманды кечирүү досту кечирүүдөн алда канча оңой.

М.Д.Делюси



# Айкөл сүйүүсү – 7
# Ушакчылыктан кайырчылыкка бир кадам

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Деген менен Кумурзстанда баарын кылса болот. Бул уянын өжөр кумурскалары буту үзүлүп, башы жулунуп кеткенине карабай чуркап жүрүп буга чейин эки уяханын кууп чыгышкан. Ошондон бери уяхандар аларга жалооруй тиктеп күн көрөт. Мисалы, азыркы уяхан Шаша Хахамбай дагы элине кайрылганда «Айланып садагаң кетейин алтындарым» деп айтат. Бул кептин артында «мени да кууп жибербегиле, бара турган жерим жок» деген маани жатканын көпчүлүк кумурскалар жакшы түшүнөт. Бирок, ошентсе да аны түшүнбөгөндөр жок эмес. Ал тургай ага курулай жалаа жапкан ушакчылар, уядан кууп чыккысы келген таш боорлор да бар. Чынында андайлар көбүнчө мурунку уяхан Кутурманбек Бакстын уясынан аш жеп жүргөндөр. Эмне кылсын бечаралар, жыргап жеп аткан ашын тарттырып ийсе кимдин болбосун ичи ачышат эмеспи.

Айтмакчы, Кумурзстанда Даюр бек Горун аттуу анча-мынча бирөөлөргө, айрыкча, эмнени айтарын билбегендерге таанымал бош ооз кумурска боло турган. Ал кайсы бир жактан ушакколик оорусун жуктуруп келгенби, же туулганда эле ошондой оорукчан болуп калганбы, айтор, тынымсыз ушак таратып турмай адаты бар. Чынында аны кээ бирөө мурунку уяхан Кутурманбектин ашын жеп жүргөндөрдөн го деп ойлошот. Бирок, Кутурманбек буга аш бермек тургай атын да билчү эмес. А бу кымча бел Даюр бек жөн гана ошол Кутурманбектин ашын жеп жүргөн немедей мурутун майлап, ага өчөшкөндөргө окшоп сүйлөгөндү жакшы көрөт. (Балким бул жанагы оорусунан улам ушинтип калгандыр)

Мисалы, ал нан сатып алса деле,

- Эмне үчүн нанга мен төлөшүм керек? Шаша качан төлөйт? Ал баарын бекер жеп атат, - деп сатуучуга шыбырай калчу.

А эгер жол боюнан таш таап алса, аны дароо жолдун ортосуна койо калчу да,

- Бул таш эмнеге бул жерде жатат? Шаша такыр иштебей калды. Аны кетириш керек, - деп жар сала баштачу.

Кыскасы, анын оорусу акыркы убактарда катуу күч алып кеткен. Натыйжада, Шаша андан ооругандыгы тууралуу кагаз жаздырып келүүсүн талап кылды. Бирок, Даюр бек муну да жөн кетирген жок.

- Эл-журт, Шаша Хахамбай мени карады. Ал мени абай кечке карап атат. Эгер минтип карай берсе көзү тийип кетиши мүмкүн. Ой, ооой, айтпадым беле. Мына көзү тийип баштады. Анын көзү аябай жаман. Эмнеге бизде көзү жаман кумурска уяхан болушу керек? Ал буга татыксыз, - деп жар сала баштады. Чынында, Даюр бекке көптөн бери эч ким көңүл бурбай жүрдү эле, Шашанын ооругандыгы тууралуу күбөлүк сурашы, буга ушунчалык кубаныч тартуулады. Кантсин бечара? Көңүл буруу ургаачылар менен ушакчыларга аябай жагат тура.

Бирок, бул жолу Шашанын муруттары кыбырап, ачуусу келди.

- Алтындарым, тигини бирдеме кылгылачы, - деди ал жанындагыларга.

Алтындары алгач эмне кылаарын билбей калышты.

- Бул Шашанын көзүнө асылды окшойт. Демек анын көзүн баалаш керек, - деди бирөө.

- Көздүн баасы азыр бир миллон турат. Эмне бир миллон айып салалыбы?

- Жок, эй. Сен эсепти окугансыңбы. Бир көз бир миллион турса, Шашада эки көз бар да. Демек эки миллон айып салалы.

Ошентип алтындары Даюр бекке 2 миллон капуста айып салышты. Бечара Даюр мындайды күтпөсө керек. Анын баягы оорусу чындап күчөп кетти.

- Мен Шашанын бир эле көзүн жаман дегем. Бир көздү жөн эле кошуп ийишти, - деп чырылдай баштады. Бирок, көз деген көз. Көздүн да, сөздүн да акысын бериш керек. Айласы кеткен Даюр бек ар кайсы шылтоо менен элден кайыр сураганга өттү.

- Бир кыпын болсо деле бергиле. Көз эркиндиги үчүн, - деп жатты ал. Көчөгө деле отуруп алып ары-бери өткөндөн сурайын деди. Бирок, кайырчылар оорусу жугуп калбасын деп кошпой коюшту.

***

Айтмакчы Кумурзстанда башка бүтсө да тинттердин ызы-чуусу бүтпөйт. Баягүнү эле АК тинттер менен Фикпоктор чырдашып, элдешип кайтты эле, эми Жолчу тинттердин ызы-чуусу башталды. Ал бечаралар деле эптеп көр тирилигин өткөрүп аткан. Чырдын баарын баштаган жанагы узун бойлуу бала кумурска. Арабасын жөн айдап баратканда, жолчу тинт дагы жөн эле токтотту. Анан тиги чычым дагы жөн эле учурашып кетип калбай, беркини кытыгылап, сезимтал жерлерине тийип көрүп, ачуусун келтирип жиберди. Бирок, жолчу тинт деле араң турган окшойт. Дароо маанайы көтөрүлүп кытылдап күлүп чыга келди. Болгондо да укмуш тамашакөй неме экен.

- Мени канча саат күлдүрөсүң? – деди түз эле.

Ой жок баса. Берки чычым өзү суранды.

- Байке, башкача деле сүйлөшсөк болот го, - деди ал.

- Кандай башкача? Эмне сөз? - деди жолчу тинт.

- Эми мисалы... мен сизге күлкү тартуулайын...

- Аа, ошондойбу? Канча саат күлдүрөйүн дейсиң?

- Билбейм. Сиз айтсаңыз. Канча саат күлдүрөйүн?

- Мейли, күлдүргүң келип атса 5 саат күлдүр да кетип кал.

- Беш саат дейсизби? Мен сизди беш саат күлдүрө албайм.

- Эмнеге?

- Анткени мен алдар көсөмүн. Мына сиз мени 5 саат күлдүр дедиңиз. Ошон үчүн жооп бересиз.

- Ой мен сени качан күлдүр дедим? Өзүң күлдүрөм дедиң го.

- Жок, сиз күлкү талап кылдыңыз. Эми жооп бересиз.

Алар ушунтип чырдашып атканда нары жактан алдамчы чычымдын достору келди. Берки жолчу тинттин да кесиптеши жакындады. Аңгыча, жолчу тинттердин жанынан бир дрыщ пайда болду. «дрыщшлш» деп эле кирип келди ал. Анын кайдан келгенин, буга чейин кайда жүргөнү белгисиз. Иши кылса көз ачып жумгуча пайда болду. Тобо, ушуга чейин ошондой куудул кумурсканы эч ким көргөн эмес. Ортого түшүп алып, эки жактын тең боорун эзди.

- Сенсиңби алдар, сенсиңби алдар суппа гуд. Али супа гуд. Күлкү тартуу, күлкү тартуу, али супа гууд.

Чычым достору менен эмне кылаарын билбей калды. Тинттердин арасында мындай куудул боллорун ким ойлоптур. Тинттер да сүйлөшүп алгандай,

- Бул куудул биздики эмес. Өзүңөр деле көрдүңөр го дрышш деп эле келе калды. Кайдан чыкты билбейбиз дешти. Кыязы алар дагы мындай немеден уялып жатышты окшойт. Же, калп эле уялымыш болуп атабы белгисиз. Бирок, элдер аны дайыма «дрыщ» деп пайда боло калган куудул кумурска окшойт деп жүрүштү. Кыязы, жолчу тинттер анын куудулдугун аябай пайдаланышат окшойт.

- Дрыщь дрыщь дрыщ... Сенсиңби алдар, менминби алдар көрөбүз. Баарын көрөбүз. Коргоол томолок, койлорго корголойт, ылдыйда жорголойт. Жолугабыз баарыбыз, жашыбыз да карыбыз. Дрышь дрыщь, дрыщь...

Мындай жиндиликти күтпөгөн чычымдар айласы кетип арабасын минип кетип калышты. Бирок, жанагы дрышь дегеле калгыдай эмес. Ал дагы арабасын минип алып тигилерди ээрчип алды.

- Токто бейби, токто бейби, ушул жерге. Сүйлөшөлү сүйлөшөлү жөн эле. Сенсиңби алдар менминби алдар, суппа гуд. Оңго айда, солго айда, тоспо бут.

Чычымдар ого бетер жүрөгү түшүп качып жөнөштү. Мындай немеден качып кутулбасаң күлдүрө берип күлдүрө берип бооруңду эзип өлтүргүдөй. Балким тигил жолчу тинттер да атайын ошентиле деп жиберидиби, ким билет...

**Сунуш жана пикирлер үчүн:**
**saresepaikol@mail.ru**
















Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги
катталуу номери – 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова.

**Кабарчылар:** Эрлан Жыргалбек уулу, Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова.

**Реклама жана маркетинг:**
Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш.,
И. Ахунбаев көч., 182б
**Тел.:** (0312) 93-65-55,
(0312) 25-22-52
**Пикир айтуу үчүн E-mail:**
saresepkg13@gmail.com
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма № 1737**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП